
Скырг
А13

АМАНГЕЛДИ АБДЫВАПОВ

# АТАНЫН БУЙРУГУ БАЛАГА ПАРЗ



УДК84 Ки 7-4
ББК
М -13

АТА

М -13 Атаны
Ресурстары”,

ISBN 9967-423-61-7

М

УДК
ББК 84Ки

ISBN 967-423-61-7

А 4702300100-04

# АТАНЫН БУЙРУГУ БАЛАГА ПАРЗ

Ибрагим алайхиссаламдын уулу
Ысмайыл алайхиссаламды
курмандыкка чалышы.
**(Повесть)**
**«Атанын каргышы ок»**
Кыргыз эл макалы

Ибрахим аллайхиссалам эрте менен туруп, Ажар энебизге: «Уулубузду жакшылап жууп-тарап, жаңы кийимдерин кийгизип бериңиз» - деди. Ажар энебиз айткандай кийиндирип берди да: «Кайсыл жакка алып барасыз?» - деп сурады. «Алланын амирине»-деп жооп берди. Энеси да ыраазы болду. Ата-бала кетишкенден кийин, Ажар эшиктин алдында туруп, көңүлүнө бир кыжаалатчылык пайда болуп, сумсайып турганда, каргыш тийген шайтан келип азгыра баштады. «Билесиңби, уулуң Ысмайылды атасы кайда алып кетип жатат? Аны сойгону алып баратат!» «Кайсыл заманда атасы өз баласын сойот?» - деп айран таң болуп сурады Ажар. «Түшүндө Раббиси Алла буйруптур» - деди каргыш тийген шайтан. «Эгерде Алланын буйругу болсо мен да ыраазымын» - деди эне. Шайтан ал кишини азгыра албаган соң, Ысмайыл алайхиссаламдын алдына барды: «Билесиңби, атаң сени кайда алып бара жатат»? «Билбейм» деп жооп берди. «Сойгону алып бара жатат» деди шайтан.» «Сойгону алып бара жатат деп азгыра баштады.» Эч бир заманда ата өз баласын сойобу»? деп сурады Ысмайыл алайхиссалам. «Алла буйруптур да» деп жооп берди шайтан. «Эгерде Алла буйруган болсо мен миң мертебе ыраазымын» деп жооп берди Ысымайыл.

* * *

Сатар сырттан шаша күлүмсүрөй кирди. Үйүндөгүлөр демейдегидей кечки тамакты чогуу ичип олтурушкан.

-Кел уулум, маанайың жарык, сүйүнүчтүү кабар уктунбу?- деди атасы ортодон орун алган уулуна. Сатар көз жүгүртө карады да:

- Мага аскерге чакыруу кагазы келиптир. Өзүм тилегендей чек арада кызмат өтөйт экенмин- деди.

- Качан жөнөйсүң?

-Эки күндөн соң

-Апасы жөнөштүн даярдыгына камына бер. Уулубуз да эр жетип, Ата-Мекенин коргоого убакыт келип калыптыр – деди чоң уулунун аскерге жарап калганына сыймыктанып.

-Кызыксыз да атасы. Барам десе эле жибере бересизби? Ишке жараган уулубуз болсо. Карындаштары али окуучу, кенжебиз баштапгыч классты гана бүтүрдү. Анын үстүнө аскерде шарт начар, жегилик азык-түлүк да, жетишээрлик эмес экен деп, баргандар айтып келиптир. Оорун калабы деп кабатырланып жатпаймынбы – деди апасы. Түйшөлө темир канат баласын аяган канаттуудай безилдеп сүйлөдү.

- Сатар аскерге сөзсүз барат. Кудаа кааласа жигиттик вазипасын аткарып кайтат «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде» – деген. Жигиттик милдетин аткарбаганды кайсыл ата уулум деп айтат–деди Айдар, кесе сүйлөп.

Сатар түнү классташтары менен көпкө сүйлөшүп чер жазып олтурушту.

Айрыкча университетте контракт менен окуган студент класстапы Алмаз сөз бербейт. Лекцияга көп катышпасын, агайлардын көпчүлүгү экзаменде акча жыйнап, баа коюп, курстан курска көчүрүп койорун, азыр атасы айткандай байлыктын закурска көчүрүп койорун... маны экенин, аскерге чакыртканда атасы көп акча төгүп, биротоло калтырып койгонун ооз көптүрө айта берди.



Бирок анын сөздөрү Сатардын кулагына кирбей, сезимине жетпей, жүрөгүнө таасир этпеди. Атасынын гана «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде» -деген бабалардан калган көөнөрбөс макалы, дилинде кайталанып, көкөлөгөн кыялы алып учуп, атуулдук улуу сыймык жүрөгүн кайра-кайра толкундантты.

* * *

Уулунун бир аз тынчсызданып калганын көргөн Ибрагим алайхиссалам себебин сурады.

Уулу: «Бир куник кебетелүү макулук келип, мага ушундай деди» деп шайтандын сөздөрүн айтып берди.

* * *

Бир жарым жыл зымырап өтүп, Сатар аскердик милдетти так аткарды. Аткычтар бөлүмүндө куралдын түрлөрүн атууга үйрөндү. Көп жолку машыгууда бутага тамай атып, чалгынчылар бөлүгүндө кыраакылык көрсөткөндүгү үчүн «аскер бөлүгүнөн» (военный частан) Ардак грамота менен сыйланды. Жаңыдан уюшулуп, көп аскер курал –жарактар эскилиги жетип, жараксыз абалга дуушар болуп, шарттын ыңгайсыздыгына карабай жүрөгүнүн тереңинде атуулдук, Мекенди коргоо, Ата журтка жан дили менен кызмат кылуу атанын буйругун аткаруу даражасында экенин жүрөгүнөн сезди. Аскер кызматкери болууну алдына максат койду. Ошол себептен эмгек отпуска алып, аскер башчыларынын буйругу менен биротоло калып, кайра келүүгө чечим кылды.

Дем алыш күнү бүтөрдө эң алгач атасына масилат салды: - Ата, Союз бузулгандан кийин өзүбүзчө түтүн булатып калдык. Аскерде чынында шарт чеке жылытаарлык эмес. Кыргыз мамлекетинин жараны, кыргыз болгонубуздан кийин кимдир бирөөбүз Ата–Мекенибизди коргошубуз керек го. Баарыбыз эле өз кызыкчылыгыбызды ойлой бербейли. Кандай ойдосуз ата?- деди. Кунт коюп угуп олтурган атасына айбыга суроолуу карады Сатар. Бир жарым жылда уулунун ушунчалык өзгөргөнүнө

таңданган атасы, ичинен сыймыктанды. Шыңга бойлуу, аскер кийими өзүнө жарашып, белине тыгыз байланган кемерин ичине тартып кең көөдөнү көйнөгүн тээп турганына назар таштап, «Кудаанын көзү түз болсун, уулум анык аскер адамы болуп калган турбайбы, эми байкадым» - деди ичинен. Ойлуу олтурган атасынын жүзүнө тике карабай, сөз учун чубады:

-Ата, биздин бешенебизге Алла ата кылып буйруган экен. Чоң атам Ата Мекендик согуштун ардагери эле. Сиз Ооган согушунун катышуучусуз. Тагдыр жазмышынан качып кутулуу кыйын го. Чоң атам ыраматылык айткандай «Маңдайга жазган Алланын тагдырын пендеси көрбөскө айласы жок дечү эле. Андан көрө апама түшүндүрүп, ак батаңарды берип, ак жол тилегиле сапарыма. Эртең өз кызматымды аткарууга чек арага кайтайын деп кесе сүйлөдү уулу.

* * *

Ысмайыл алайхиссаламды алдай албаган каргыш тийген шайтан атасы Ибрагимге оропара болду.

-Эй, Ибрагим, бул жерлер какыраган чөл болсо, уулуң эми канат-куйрук болуп калганда, түшүңдө көргөн нерсе үчүн сойуп жибере бересиңби? Бул ишиңден кайт! деп жолдон азгырмакчы болду. Ошондо Ибрагим алайхиссалам:

-Сен менин Раббимдин буйругунан кайтармакчы болуп атасыңбы? деп, үч жерде таш менен уруп, шайтандын көзүн чыгара койду.

* * *

Кечинде тууган-урук, кошуну-колон, таанышы билиштерди чакырып, союш союп, уулуна бата алып берди. Эл тарагандa пайгамбар жашынан алда качан өткөн агасы Матен Айдар жалгыз калганда:

-Сени эстүү билимдүү дешкени менен дале акылыңа кире элек турбайсыңбы? Азыркы заманда да, уулуңду аскердик кызматка жөнөтөсүңбү. Угушубузга караганда куралдуу күчтөрдө



жарытылуу курал-жарак калбаптыр деп угабыз. Таңкаларды, пушкаларды бөлүп-бөлүп темир-тезекке айлантып, Кытайларга сатып ийген имиш го, жанагы жеп тойбогон чоңдоруң. Ошондон менин балама да бир деме тийип калат деп жөнөтүп жатасың чагы, кайрадан кызматка–деди. Тууганы мыскылдаганы менен, чын эле иштеп, дароо эле пулдар болуп кетеби – деген кара ниетте ичи негедир чыз дей түштү.

Айдар уулу ата сөзү үчүн, өзү үчүн ыктыярдуу чек араны коргоого баратканын түшүндүргүсү келди. Бирок тууганы Матенге элге пайдалуу сөздөр аны анча кызыктырчу эмес. Убакытты бекер сарптабай

– Алла өзү сактасын, жаратканга аманат. Бешенесине жазганын көрөр -деди.

–Барың эле акылдуусуң аксакалды тоготпойсуңар. Алла эле, Алла дейсиң баарына өзүбүз себепчибиз. Капа болбо «Бирөөнүн кулагын кессе, бирөөгө кийиз кесkенчелик болбойт.» Мага эмне, туугандык сөзүмдү айттым – деп, терс бурулуп көчө тарапка жөнөдү. Айдар калп эле сыртынан күйүмүш болгон, жакшылык той-топурларда колунан келбесе да, башкарып бийсинет. Башыңа иш түшкөндө жолобой качкан тууганынын ниети ак эместигин билип, ичинен кейип, узатып калды.

* * *

Ибрахим алайхиссалам уулу Ысмайылды, Мина деген жерге алып барды. (Мина көп кан чыга турган жер деген мааниде).

–Эй, уулум, мен түшүмдө Раббимден сизди курман чалууга амир (буйрук) алдым, сиз эмне дейсиз? –деди. Ошондо уулу Ысымайыл алайхиссалам

–Эй, атаке, Алланын буйругуна амал кылыңыз, албетте Раббим мени сабырдуулардан кылуусун суранам, –деп жооп берди.

* * *

Сатар «Кой таш» чек арасындагы гарнизондо кызмат аткарып жүргөн. Капыстан алардын аскер бөлүгүндөгү жоокерлерден тандалган команда түзүлүп, эки күндүк азык-түлүгү менен түнү жолго чыгышты. Түштүк Кыргызстан тарапка баратканын жолдо түшүнүштү. Эртеси кечинде Баткен жерине жетишти. Жолдо радио берүүлөрдөн Баткен кооголаңы жөнүндө маалымат алышты.

Бир күн дем алышты. Он жоокер тандалып алынып, чалгындоо бөлүмү түзүлүп, башчылыкка Сатар дайындалды. «Кой таш» чек арасында эки айдан ашуун чалгындоо убагында теориялык билим алып, практикалык сыноодон өткөн Сатарлар эки бөлүккө бөлүндү. Чалгынчылардын көзү курч, өтө сергек, кыраакы, уйкусу аз, шыбырт эткен үндү сезе билген касиетке ээ болуш керек. Сатарда Аллаадан берилген жөндөм болчу ошондой. Сатардын чалгынчылар бөлүмчөсү күндүзү дем алышып, түндүн бироокумуна чейин чалгында жүрүшчү. Айрыкча Тажикстан менен чектеш «Зардали», «Кожошкен», «Газ» деген тоо түбүндө жайгашкан айылдарда көптөгөн жоокерлер жайгашкан болчу. Душмандар капысынан келип кол салып, кайра тоо таянып качып кетип турушчу.

Түнү тоо кыркаларын аралап, чалгындоо тобу кыйла узап кетишкен экен. Таңга жакын жай айынын акыркы күндөрүндө асманда түрмөктөлгөн ак булуттар басып, айлананы жөө туман каптап, эч нерсе көзгө көрүнбөйт. Сатар баштаган чалгынчылар карбаластай түшүшүп, өздөрүн этияттапшып, автоматтарын атууга даярданып сактанышты. Сатардын кулагына жакын аралыктан шарпа угулгансыды. Тумандуу караңгылыктан эч нерсе көрүнбөдү. Бир аздан соң туман тарай баштаганда, Сатар көргөн көзүнө ишенбей атууга даярданды, бирок кеч эле. Бешөөнү жыйырмадай заманбап куралданган, тоодо жүрүүгө ыңгайлуу окшош кийинген, кара сакалчан, бир караган адамга өтө сүрдүү көрүнгөн боевиктер курчап алышыптыр. Алар ушунчалык жа-



кын болчу. Алдыңкысы снайпер куралын мээлеп туруптур. Чалгынчы жоокерлердин кээ биреө корккондон калтырай түшүп, алдастап калышты. Сатар заматта өзүнө келип, ылдамдык менен бетме-бет кадала тиктеген боевекти автоматтын кундагы менен уруп жиберди. Аңгыча артындагысы Сатардын белине катуу урду. Жерге жыгылып, кайра туруп, тоо кырындагы бет-алдындагы боевекти жүгүрүп баратып секирип көкүрөккө тепти. Ошондо чогуу келишип, баарын курчап алышып, каршылык көрсөткөн Сатарды удаа-удаа мылтык менен белге чаап жибергенде, ал тоо башынан ылдый карай сүрүлүп, кулады. Кулагы тунарып, эч нерсе сезбеди. Бир нече убакыттан соң чуңкурлукка учуп түшүп, тоо түбүндө чалкасынан кыймылсыз жатып калды.

* * *

Ажар энебиз Ысмайыл алайхиссаламды жерге жаткырып коюп, суу издеп, Сафа-Марфага жөнөдү. Сафа менен Марфанын аралыгы 450 метр. Ар бир барып келүүдө Ажар энебиз баласы Ысмайыл алайхиссаламга карап: «Балам зыянга учуратуучу жылан, чаяндардан тынч бекен?» деп Аллаху Акбар деп, дагы барып келүүсүн улантчу.

Ошентип жети жолу барып келип караса, Ысмайыл алайхиссаламдын бутунун астынан суу чыгып турганын көрдү. «Зам-Зам «токто-токто» деди.

* * *

Канча убакыт ээси оош жатканы белгисиз. Сатар көзүн ачты. Жай айы кайгылуу коштошконсуп, алыс-алыстардан аппак кардай түрмөктөлгөн булут көрүнөт. Жарылган башынан аккан кан басылыптыр. Бүткүл денеси оор тартып, бели кыймылдабай, буттары жансыздай бүгүлбөй сыздап оорутат.

Жолдошторун эсине түшүрдү. Колго түшүштү бекен же атышып курман болуштубу? Анан ата-энеси, үй-бүлөсү, баары – баары көз алдына элестей берди. Балалык мезгилде теңтуштары

менен ойноп, оюнга алаксып жарым нанды шаша жеп, тез-тез чаңкап, үйүнө чуркап кирип, муздак суу ичерде апасы «ичиң ооруп калат садагасы» деп атайын муздатып койгон чайдан пиалага мелме куюп, ичирип жөнөтчү.

Сатардын тили кургап, суу ичкиси келди, жанында аккан булактын шылдыры кулагына жагымдуу угулду. Козголууга аракеттенди, тулку бойу таш басып калгандай кыймылдабады. «О, жараткан Алла, мага окшогон алсыз пендеңен бир уууртам сууңу аяба! Мени өлүмдөн сактап калдың, шүгүр», - деди. Көзүнөн жаш чыкканын сезбеди. Булактын шылдыраган үнү бир кездеги чоң атасынын таң атарда багымдат намазын бүтөрдө кыраатын келтире окуган сүрөөлөрдөй жагымдуу жанынан угулду. Ошондо оң тарапка башын бурду. Колун сунса толук жеткидей тулаң, чөп арасынан жылжып аккан булак суу өткөнүн көрдү. Сол тарабына кыйшайа жатып, колун узатып, оң колунун кочушуна араң толгон, муздак туп-тунук суудан кайта-кайта шимире, апсыга жутуп, кайрадан эсин жоготту.

* * *

Сатар көзүн ачканда сар-санаадан көңүлү чөгүп жүдөй түшкөн атасын, көзүнөн аккан жашын колу менен сүрткөн апасын тааныды.

Кантип, ким тарабынан шыпааканада жатып калганы Сатар үчүн табышмак эле. Көрсө артынан издеп барган экинчи бөлүктөгү чалгынчылар Сатарды тоо түбүндө араң дем алып жатканда табышып, көтөрүп келишкен экен. Түнү менен жөнөгөн тез жардам машинасы областык госпиталга жаткырышыптыр.

Ата-энесин карады да:

–Мен кайдамын» –деген акырын онтогон үнү чыкты.

–Ооруканадасың айланайын уулум, кай жериң ооруп жатат? – деди апасы маңдайынан сылап, тердеген жүзүн чачык менен улам аарчып. Палатага кирген дарыгер кан басымын текшерип көрдү. Ата-энесине карап:



–Уулуңар бийик тоодон сүрүлүп түшүп эки-үч метрче бийиктен кулап түшкөн. Текшерүүнүн натыйжасында омурткалар, айрыкча оң буттун жанбаш сөөгү көп жабыр тарткан. Акырындык менен айыгып кетет. – деди дарыгер Сатардын кыйналган жүзүнө ойлуу тиктеп. Ошондо апасы:

–Кагылайын иним, деги буту менен басып кетеби?- деди үмүттүү ак халатчан жигитке:

–Кабатыр болбоңуздар, уулуңуздарды көптөгөн адистер, керек болсо чет элдик дабагерлер көрөт. Мындай баатыр жоокерлер Ата Журтубуз үчүн дайым керек. Уулуңуздарды өкмөт да, эл да көмүскөдө калтырбайт. Врачтардын көзөмөлүндө болот. Азырынча эрте, убагы келгенде операция жасап, кадимкидей басып калат, кудаа кааласа – деди дарыгер ишендирип.

Эки ай госпиталда жаткан Сатар эки таяк менен басууга жарап үйүнө кайтты. Атасы уулунун аман-эсен кайтып келгенине айылын чакырып кудайы өткөрдү. Сатар оорунун азабынан арыктап, өңүнөн мээнет тартканы сезилип турду. Көп басса белдери зырылдап ооругандыктан, көбүнчө көп жатууга аргасыз эле.

Эл тараганда баягы акеси узатып чыккан Айдарга.

–Эй, үкем, аскердик кесипти сонурkaба деп айтканмын. «Сасатты мен эле билем, билимдүүмүн деп жүрөсүң. Мен да өзүмө жараша түшүнөм. Мына эгемен мамлекет болдук деп дымагыңар дегеле күчтүү Аскерде жалаң бей-бечаралардын уулдары кызмат кылат имиш. Биздин төрүбүздү ээлеп алган башка улуттар, уулдарына көп акча төгүп, калтырып коет экен. Төрт сакалчан бүткүл Орто-Азияга бүлүк салып койду. Ошолорду тыя албайсыңар дагы көөдөнүңөр көктө. Кайран Союз, кайран орустар. Союз бузулбаганда минтип муңкүрөбөйт элек. Бизди атабыздай коргойт эле.» деп тууганы чокчо сакалын сылады -

–Матен аке, Үмүтсүз жалгыз шайтан дейт. Кудаа кааласа биздин мамлекет да эл катары болуп кетер күн да келет. Уулум болсо бешенесине жазганын көрөт. Алла шыпаа берсе, эл ката-

ры басып кетет. Сабыр кылуудан башка айлам жок. Насаат айтып оңой». – деди Айдар муңайып, үнүн акырын чыгарып, айласы кеткен адам алдастай түшкөндөй, көңүлсүз маанайы чөгө сөз узатты. Матен аксакал узай берип, кайра кайрылып: « Өкмөттөн жардам барбы? Азыр өзүң жүгүрбөсөң, бирөө алып келип бербейт. Уулуң элди коргойм деп майып болуп калды. Мынабу селсоветтен, президентке чейин тез-тез арызданып турбасаң унутуп коюшат»- деди.

–Убактылуу пенсия чыгарып беришти. Врачтар келип, бекер көрүп, айылдык медиктер убагы менен укол сайып турушат. Калганын убакыт көрсөтөт – деди чарчаган Айдар. Матен акеси колундагы түйүнүн бекем кармап, кыдындай жөнөп кетти. «Мактен аке жадатты. Качан башына иш түшкөндө, калп эле насаат айтып, акыл үйрөтөт. Бир нерсеге зарыгып барсаң, бир тыйын чыкпайт. Менде курулушка жарактуу материалбы же акча кеңекби сурай берип жадатып жиберет. «О, Алла, өзүң нысап бер, ушундай карыялар көбөйүп баратат башка арга жок» - деди жаадында Айдар.

* * *

Күндөр бүтүп, айлар алмашты. Сатардын бел-бут оорусунан жылыш болду. Эмнегедир алардын үй-бүлөсүндөгү ынтымак кайрадан күч алып, чыңала берди. Студент карындаштары дем алышка келгенде, кезектешип жанынан алыс чыкпай жуундуруп, кийимдерин алмаштырып, айтканын аткарып турушса, иниси болсо айылдагы мончого жеңил машина менен алып барып, жуундуруп кайра жаткырып коер эле.

Адам баласы башына бир иш түшүп, мүңкүрөгөндө баарына терең түшүнөт тура. Сатар үй-бүлөсүнүн өтө камкордугуна ичинен өтө ыраазы болсо да, ушулардын «эмгектерин актар күнгө жеткир мени, Алла, шыпаа бер» деп дилинде миң жолу жалбарчу.

Айдар ишинен чарчап-чаалыгып келсе да, уулун алаксытып, сүйлөп берүүдөн тажачу эмес. Атанын балага, жан



кейиткен аянычтуу мээрими жүрөгүн өйүп турса да, келечекте үмүтүн үзбөчү. Себеби уулу ар бир өткөн оорунун азап салган запкысын тартып, дарт менен алышып өткөрсө да, кейипкепчип, жаратканга наараазы болбогонуна ичинен ыраазы болчу. Эртеби-кечби шыпаа таап кетем деп уулунун маанайы чөкпөчү.

Жыйырма беш жашка кадам койгон уулу чалкалап жатып, айрыкча күн бүркөлүп, жаан жаарда, бели, омурткасы, буттары сыздап ооруп, дары ичип, укол алса да, убактынча басылып, кайра-кайра ооручу. Ошондо да, ата-энесине дартын билдирбей ичтен сактачу. Айрыкча атасынын көзүнчө өзүн кайраттуу кармап, бүтүндөй эрки менен ооруну жеңгиси келчү. Атасына болгон сый-урмат, мээр-шыбыга ал үчүн эң жогорку даражада турчу. Ата-энеси, Ата Журту үчүн, Жараткан үчүн, атасы курмандыкка чалам десе да, барууга дилинин тереңинде күнөөсүн мойнуна алып, ыктыяр менен баталгага башын коюп, кестирүүгө даяр эле. Ата сөзү ал үчүн Алланын парзындай, жигиттик жүрөгүндө ата милдети кымбат, баалуу эле. Ата сөзү үчүн ал кырсыка кабылса да, оору аны жеңе албачудай сезилет. Бабалардан калган ыйык жерлерге кайрадан эгедар болгондо, туш тараптан келген тексиз жалданма душмандарга тебелетпей, көзүнө тике карап, керек болсо өмүрүн кыйып болсо да, Ат Журттун тынчтыгын бузгандарга дайыма каршы турмак.

Ата-энесинин кубангандары, уулу Сатардын оору менен күрөшүп жаткан учурда, бир туугандардын өтө ынтымак болуп кетет деп ойлошбогон. Эки кызынын, кенже уулунун оорулуу агасына канат-бутак болоорун үстүртөн сезишсе да, учурдагыдай болот деп ойлошпоптур. Балдарынын келечегине ишенишип, үмүт оту жанып, ал жабырттап күйгөнсүдү.

Уялаштарынын ой-тилек. максаты агасы Сатардын оору азабынан биротоло кутулуп, кадимкидей басып кеткен бактылуу күндөрдү көрүүнү эңсөөчү. Дамамат тамактангандан кийин Алладан акесинин сакайып кетишин тилешип, батаа кылышчу үнсүз жаш алып. Алардын үй-бүлөсү үчүн үйү толгон байлык, тоодой бийик мансап да, тешик тыйынга барабар эле. Үй-

бүлөсүндөгү ырашкерликке маңдай жарылып сүйүнүп, сарасеп салган Айдар дартты жеңүүдө эрдик менен күрөшкөн уулунан баштап баарына ыраазы. «Ата ыраазы, Алла ыраазы» Бул кырсык көңүл чөктүрбөй үй-бүлөсүнүн ынтымактуулугу кайра күн өткөн сайын чыңала берди. Ошон үчүн түн уйкусун безип Алладан ыраазы экенин билгизип, гөр тиричиликтен чаалыгып чарчап келсе да, Жараткандан шыпаа сурап, жалбарып, түндөрү саждадан башын көтөрбөчү. Алла өзү берген сыноонун оор мээнети эртеби-кечби рахатын, үзүрүн беришин ак дилинин тереңинде ишенчү. Ошон үчүн Матен тууганына окшогон кээ бир адамдардын:

–Уулуңун ушул кырсыкка учурашына өзүң себепкерсиң– деген кам сүт ичкен, пендечилик сөздөрүн жүрөгүнүн тереңинен кабыл алчу эмес.

* * *

Атасы, Ысмайыл алахиссаламдын колу-бутун байлап жерге жаткырды. Ошондо уулу:

–Эй, атаке, асмандын көшөгөлөрү ачылган, асмандын периштелери биздин бул абалдарыбызды көрүп турушат. Дагы атасы уулуң мажбурлап, курмандык кылууда дешбесин. Менин колу-бутумду бошотуп, жүзүмдү жерге каратып, бычак тартыңыз. Жан ачуусунда сизге жаман көз менен карап күнөөкөр болуп калбайын. Энеме айтыңыз, менден ыраазы болсун» - деди.

Ибрахим алайхиссалам уулу айткандай, колу-буттарын бошотуп, жүзүн жерге каратып алкымына бычак тартты. Бирок канчалык урунбасын бычак кеспеди. Ибрахим алайхиссаламдын жаңы чыгып:

–Аллаанын амирин кечиктирип атамын! – деп колундагы бычакты ташка урду. Бычак ташты суудай кесип кетти. Ошондо Ибрахим алайхиссалам:

–Эмне үчүн ташты кесесин, Ысмайылды кеспейсиң? – деди. Аллаанын амири менен бычакка тил кирип, мындай деди:



–Мен Аллахтын (Кудайдын) айтканын кылайымбы, же макулуктун айтканын кылайынбы? Кудай кеспе дейт, макулук кес дейт. Албетте, мен Кудайга моюн сунамын.

* * *

Аскер комиссириатынан келген өкүл, Сатардын ата-энесине жолугуп «Бишкек шаарындагы борбордук госпиталга алып баруу керектигин, чет элден келген дарыгерлер текшерерин, эки күндөн соң шашылыш жөнөгүлө» деп эскертип кетти.

Айдар каражатты мамлекет көтөрөрүн билсе да, колундагы малдарын сатып акча топтоду.

Айыл өкмөтү, жаңы шайланган Жогорку Кеңештин депутаты, тууган уругу, айылдык теңтуштары, бирге иштеген мектеп жамааты өз салымдарын кошушту. Эл башы, айыл имамы кээ бир колунда бар адамдардан жардам алып беришти.

Айдар көпчүлүктөн мынчалык жардам келет деп ойлогон эмес. Элге өтө ыраазы болуп, Аллаага шүгүрчүлүк келтирди.

Айдардын аталаш тууганы болчу. Анын уулдары жогорку окуу жайын бүтүрүшүп, түрдүү шаарларда өз кесиптери менен кызмат кылышчу. Бирок алар айылдан кол үзүшбөчү. Ошол агасынын чоң уулу Абил Ош шаарында көп жыл түрдүү өнөр жайда жетекчилик кызматта иштеп, азыркы заманга жараша бизнес жүргүзчү. Сатар ооруканада жатканда тез-тез келип, алабалынан кабар алып тыйын-тыпыр да таштап кетчү.

Бишкек шаарына жөнөөрүн угуп кечинде келип:

–Айдар аке, мобу иномарканы жаңы алдым. Өзүмүн да, борбордо иштерим бар. Сатар экөөңүздөрдү мен алып барам. Ушундайда ажатыңызга жарабасам аке-укаликтин кереги эмне– деди Абил. Жайдары мүнөзү, ак көңүл ниети жүзүнөн байкалды. Ичи жылыган Айдар башына түйшүк түшкөн чактарда чакыртпай жетип келгенине ыраазы болду.

Кабарды уккан Матен аксакал, мечитке шашып бараткан эл башы менен айылдык имамды карама-каршы көчөдө тосту.

Экөөнү көргөндө ичиндеги кара толкун ызырынгандай ачулуу үнү каргылданып чыкты.

–Бу молда, эл башы үкалар, мынча күйүгөсүңөр, энеңердин эгизиндей! Тууганымдын уулун өкмөт өзү тейлейт. Элди мынча дүрбөтөсүңөр. Колунда барлар акча бериптир, аны да уктум. Укама айтканмын чоңдорго арыздан деп. Уят эмеспи каатчылык маалда. Эл оозунда элек жок – дейт. Эртең эле оозуна алы жетпегендер, тууганың баласын шылтоолоп элден пул топтогон – деген наалатка койгону калдыңарбы. Же топтогула деп сурандыбы? Жөн койгула – деди Матен аксакалдын ичинде оттой күйгөн нерсе өзөгүн өрттөп, ачуудан өзүн токтото албай, арык, куник жүзү кубарып, бүт денеси калтырап – титиреп тикирейген чукур кичине көздөрүндө огу болсо атып жиберчүдөй экөөнү жек көрүп карады. Эл башы менен молдо чочулай өздөрүнө ишенбей таңдана Матен аксакалга баштарын өкүнүчтөн чайкай караштты.

Бул аксакалдын ичи-тардык жактарын айылдагы жакшылык-жамандыкка топтолгон жерде байкашса да, мынчалык өзүнүн тууганын көралбастыгына ишенишбеди.

Эл башы жигит дагы эми көргөндөй көз жиберип:

–Эй, Матен аба, чет өлкөдөн келген врачтар угушубузча он миң доллардан ашуунга операция жасайт экен. Баарын өкмөт төлөйт дешти. Биз да, айылда жашаган калкбыз. Элден наалат алам деп намыстанбаңыз. Үкаңиз акча чогулт деген эмес. Жакшы санаалаштар, кээ бир акчалуулар собоп үчүн деп атын да атабоону өтүнүштү. Үкаңиз айылда гана эмес областка белгилүү мугалим. Эл сыйлашат. Ал кишини биз да жаштар урматтайбыз. Сизге тууган болсо, бизге жат. Түбү бир кыргыздын баласыбыз го, мусурманчылык, адамгерчилик да болуш керек адамзат үчүн. Сизге баари бирби? – деди. Эл башы жигит ачуудан үнү бийик чыгып кеткенин сезип, эки тарапты карап койду. Матен аксакал терс бурулуп, үйү тарапка, көчө бойлоп жөнөй берди. Жетимиштен эбак ашкан, бүкчүйө түшкөн Матен чалды узата карашкан эки жигит өкүнө узатып:



–Эй, эл башы аке, кээ бир ушуга окшогон аксакалдарыбыздан ыйман-ыңсап кетип баратса, аны байкабай жаштарыбызды күнөөлөйбүз.

–Аке, бул сөз ушул жерде экөөбүздүн ортобузда калсын. Айдар аке укса өзүнчө кайгыга батат. Эки жыл катуу ооруган уулунун дартын кошо тартып, рухий ойлонуунун запкысынан чөгүп, кайран аке картайа түшкөнсүдү – деди айылдын жаш имам жигити.

Экөө намаздан соң ээрчише көпчүлүктөн түшкөн каражатты берип коюуга Айдардын үйүнө жөнөштү.

* * *

Матен аксакалдын каразгөйлүгүнөн кайнап чыккан ызаа, көөдөнүн ачыштырып, жашоодогу турмушунан нааразыланып, эч нерсеге көңүл бурбай жол чети менен ойлуу басып өткөн өмүрүн эстеди …

Матендин балалыгы Улуу Ата Мекендик согушка туш келди. Атасы болсо жанын сактап, Өзбектсандагы туугандарынына качып кетти. Каатчылык болгондуктан тойо тамак жечү эмес. Апасы таңдан күн батканга чейин колхоз талаасында эмгектенип, берген нанын ашырып уулуна алып келчү.

Согуш жеңиш менен аяктады. Бирок заман оңолуп кетпеди. Матен шартка жараша орто мектепти бүтүрбөдү. Колхоздун фермасында, бригадасында учетчик, кийин жөнөкөй колхозчу болду.

Ата-энесинен бөлүнүп түтүн булатып калган. Тынчтык өкүм сүргөнүнө он жылдан ашса да, жалпы калктын турмушу оңоло элек болчу. Матендин үйүндө буудайы түгөнүп калгандыктан, чакан кабын колтугуна кысып, жүгөрү данын сураганы таанышыныкына бараткан.

Колхоз кенсасынан келаткан Айдардын атасы Абдыгул бетме-бет кезигип калды. Өңү керсары арыктаган, эски жамачы сары куфайкачан Матенге астейдил көз жиберип:



Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
ИНВ № 486722

–Кайда баратасың?» - деди, үнүн акырын чыгарып, саресеп сала.

–Абдыгул аке, тиричилик да, кара тамактын дартынан көчөгө чыктым аке» - деди. Матен үмүттөнө жал-жал жалдырай тиктеп. Абдыгул райондон өзүнүн өтүнүчү боюнча Ата-Журтундагы колхозго баш бухгалтер болуп которулуп келген. Бир аз ойлоно калды да.

–Анда тууган мындай, конторго бар эртең. Кампачы менен сүйлөшүп жегилик буудай бердирейин - деп жөнөй берди.

Матен баш бухгалтер бошогондо, чакан бөлмөсүнө кирди. Өзү жалгыз экен. Мандайындагы үстөлгө олтургузуп:

–Матен үке кампада да буудай аз калыптыр. Башкармадан суранып, жегилик данга ордер жазып койдум - деп сунду. Шашып жөнөрдө.

–Жакында жылдык отчет иштейбиз, бизге жардамчы керек келесиңби? - деди. Асмандан тилегени жерден табылгандай сүйүнүп:

–Рахмат, ака, сөзсүз жардам берем - деп шашып чыгып кетти.

Ошол кар көп түшкөн катаал кышта конторада айткан ишин аткарды. Сабатсыз болгондуктан көп ката кетиргендиктен, жардамчы бухгалтерлер «Башка бирөөнү ордуна алалы» - дегенине Абдыгул башчы катары ынабай койду. Матен контор ишине илешип, үй-бүлөсү да, өзү да карды ток кыштан бакубат чыкты.

Жылдар өтүп, заман жакшырды. Матендин ата-энеси кичүү инисинин колунда жашачу. Айрыкча инисине иш түшкөндө барчу. Кээде тең-туштары менен ичип алганда атайын барып, тамак жасаттырып кызып калганда атасына асылчу:

–Эй, бабай деңги дабай. Жашыңда апам экөөбүздү таштап качып жан сактадың. Анча-мынча пенсияңдан менин балдарыма да, бербейсиңби? Кичүү уулуңа эле кармата бербей. Тырышканын-тырышкан. Кызыталак бизге дуба кеткенби же каргыш тийгенби. Элге окшоп пулдар болуп кетпейбиз. Же силер мен жалчыбадым – деп кыжына ачуулуу сүйлөп, баарын жадатканда



үкаси колунан булкуй күч менен жетелеп чыгып, үйүнө жеткирип, жаткырып келчү.

Атасы узак жашады. Эсин жоготуп катуу ооруп калганда иниси уулунан Матенге кабар бердирди. Матен ошол күнү үйүнүн жанына чакан ашкана салып жаткан болчу. Иштен калам деп барбады, кечинде кабар алса атасы узап кеткен экен. Атасынын кара ашынын чыгымын иниси көтөрдү.

Эки-үч күн өткөндөн кийин аксакалдар топтолуп турганда тууган катары Абдыгул аксакал:

–Эл, журт деген бар, кеткен сарпты укаңа шылтап койбо, анын да чөжө бирдей балдары бар. Колуңдан келишинче жардам бер. Өлбөгүдөй оокатың бар. Же абам сенин атаң эмес беле - деди. Башкалардан намыстанган Абдыгул ачуулана үнүн көтөрө сүйлөдү.

–Эй, Абдыгул ака! Башка айтса да сиз айтпаң. Сизге окшоп ат үстүндө эл башкарып өткөн жокмун. Көп райондорду кыдырып, май үстүндө жүргөн адамсыз. Акырында колхоздун каймагын калпып жедиңиз. Агаңызга намыс, ариетт кылсаңыз сиз бериң, ушунча жылдан бери чогултканыңыз бардыр - деди Матен, тирешкен адамын жеңгендей дымак менен сүйлөдү. Абдыгул тууганын акылы жоктугуна, пастигина кыжыры келсе да жооп узатты:

–Согушка чейинки, согуштан кийинки атка минерлер шордуу элди башкардык. Элдин үстүнөн ичкен кара чай да, кардыбызды оорутат эле. Сен да, ошол замандын күбөсүсүң. Бирок бүгүн тан албайсың, өзүң өмүрүңдө эки адамды башкарып көргөн эмессиң. Ошон үчүн эл башкаргандар элдин ырыскысын жегендей туйулат сага окшогон мурдунун үстүнөн башканы көрө албагандарга. Ошон үчүн аксакалдар сөздүн кыскасы мен бир союш берейин маслат бүттү - деп Абдыгул ордунан козголгондо баары аны ээрчип жөнөшкөн.

Жыл айланып, айылда бирөө той берип, баары аксакалдар чогуу олтурушканда той ээси молдого мечитке деп акча узатканда ортодо олтурган Матен:

-Молдо ука эле ала береби, тойдун акчасын тең бөлүшбөйбү? - деп калганда, төрдө олтурган Абдыгул аксакалдын кара тору жүзүнөн өкүнүчтүн ызаасы байкалып:

-Эй, Матен! Жетим кудайы болсо деле молдого, намаз окугандарга асыласың. Өзүнүн өмүрүндө саждага башың тийгенби? Дүйнөгө түркүн болом деп жүрөсүңбү. Мындан ары былжырап динге асылганыңды токтот - деди үнү өкүм чыкты. Матендин кара жүзү кызарып, денеси калтырап, эл ичинде тууганынан жүйөлүү жеме угуп, кек сактап, жек көрүп калган.

Көп өтпөй Абдыгул ааламдан өттү. Суук кабарды укканда ичинен билинбей кымындап сүйүнүп кетти, чоң жеңишке жеткендей. «Беш убак намаз окуп, отуз күн орозо тутуп, өзүн такбаа туткан акабиз да өлүптүр. «Алла-Аллаа» дейт эле, Аллаң жетимишке жеткирбей алыптыр го» - деп шашылбай элдин арты болуп батага жөнөгөн.

Матен колхоздо иштеп жүрүп ардагерликке чыкты. Уулкыздары чоңойду. Чоң уулу үйлөнгөндөн кийин «Жалгыз үйүңү мага энчилеп бербейсиң» деп ата-бала ортосунда уруш чыгып, уулу тарынып кайын журтуна көчүп кетти. Күйөө балдарга да жалчыбады.

Колундагы уулу көп ичет. Күн алыс үйүндө жаңжал чыгарып, эч жерде иштебейт. «Эмне үчүн менин балдарым ушундай? Турмушум оңолуштун ордуна күндөн күнгө артына кетет. Карылыгым кайгы-капа менен өтүүдө».

Абдыгул аксакал ааламдан өткөндө бүт районго таанымал адамдар келишип, эл-журт тике туруп узатышпады беле. Жергиликтүү башчылар жардам колун созгон. Мына артында калган жалгыз уулу Айдар жөнөкөй мугалим болсо да, кээ бир пулдулардан, мага окшогон аксакалдардан кадыр-баркы бийик. Жергиликтүү өкмөткөбү, же Жогорку Кеңешке шайлоолор болобу эл да Айдардан кеңеш сурашып айтканын аткарышат. Мына уулу Баткен коогалаңында оор жарат алып, эки жыл жатканда канчалаган өкмөттөн жардам берилиптир. Эл да үйүнөн үзүлбөйт. Адамдын акылына сыйбаган көп акча менен операция болот



экен десе баары тыным албай жүгүрүшөт. Эмне үчүн? Булардын ашыкча жагы барбы? Менин эмнем кем? Үй-бүлөмдө кадыр-баркым жок. Кемпирим кулдай башкарып үйүмө башбаккандан мээм кагып турат.

Матен чал короосуна жеткенин сезди. Эки кабат жаңы үй салган жаш кошунасынын үйү көзүнө урунду. Өткөндөгү экөөнүн кагыша түшкөнүн эсине түшүрдү. «Азыркы жаштар Россияга каттап, ал жакта орустар силерге даярдап коет окшойт. Акчаны шилеп келип, кабаттап үй саласыңар, кымбат, атаңар көрбөгөн машина минесиңер дердеңдеп» - деген Матен.

- «Эй, Матен аба. Орустар ал деп эле кармата бербейт. Акыбыздын жарымын беришет. Тишибиздин кирин соруп, акча, топтойбуз. Анысы го мейли, жаныбызды тиштеп, өмүрүбүз коркунучта турса да, гөр тиричилик экен иштеп келдик. Орустар кыргыздарга окшоп качып келген көрүнгөн улутка төрүн берген мейман дос эмес. Жери кенен болсо да, келгиндер ээлеп албасын деп көптөгөн атуулдарыбызды курмандыкка чалышты. Айылдан алты кадам чыкпайсыңар да, чет элге баргандар байып кетти дей бересиңер. Эл журт байыса, турмушу жакшырса эмнеси жаман, аксакал. Адам болгондон кийин жакшы жашоо үчүн тобокелчиликке барат экенсиң. Башка айла жок. Куда кааласа оңолуп кетээрбиз. Жаш убакта дүйнө кыдырып көз караштарыбызды оңойлу. Же сизге окшоп бир бурчта тыгылып тура береличи? Кыргызда мындай макал бар. Тууган жок болсо бералбайт, болсо көрө албайт, ошондойдон турбайсыңбы, аксакал - деп коңшу жигит терс бурулуп, басып кеткен. Сөзгө жыгылган Матен чал шаарга кеткенде эккен жаш мөмөлүү көчөттөрүн тамырынан козгоп койгон. Быйылкы тынбай жааган нөшөрлүү жамгырдан улам көчөттөрү кайрадан бүчүр байлап калыптыр.

Аны көргөндө ызаадан бакырып жибергиси келип, көп жылдык түтүндүн ышындай караргаан жүрөгү ички дүйнөсүнө тынчтык бербей, калыстыкты, актыкты кууп чыгып, биротоло дилин ээлеп алган бакылдык кайрадан кыйноого салды.

* * *

Жөнөөрдө айылдагы аксакалдар, айылдын имамы келишип, эл башы жигит кагазга оролгон акчаны сунду. Айдар баарына күлүмсүрөй карап:

–Мамлекет өзү каражат сарптап жатса бекер убара болупсуңар - деди.

–Андай дебе иним азыр баскан сайын акча-каражатсыз жүрүү кыйын, алып кой элдин колдон келген жардамы ушул болду - деди айылдагы белдүү аксакалдардын бири. Аңгыча калгандары

–Жолуң шыдыр, жолдошуң кызыр болсун, уулуңа кудайын шыпаа берсин - деп чогуу жабыла бата беришти. Баарын үйүнөн узата чыккан Айдар «Башыңа иш түшкөндө билинет экен ким экенин, Кудаага миң мертебе шүгүр, аз да болсо үй-бүлөмдүн эл алдында кадыр-баркы, бар тура. Бекеринен «Эл тараза» - дебейт экен» - деди жаадында.

Көп өтпөй Абил шаардын борборуна жетип келди. Эшикке колу-коңшу, тууган уруктары узатканы турушту. Алдыңкы олтургучту чалкалата коюп, Сатарды олтургузушту. Артына Айдар олтуруп, эки кызы, аялы, кенже уулу узатып чыгышып, ак жол тилөөсү менен жеңил машина ордунан козголду. Түз жолдо иномарка зымырап баратты. Иниси, Сатардын, агасы Айдардын чөккөн көңүлүн көтөрүш үчүн Абил жагымдуу музыка коюп, кээде өткөн кеткенден кеп салып алаксытат.

Май айынын салкын абасы беттен сылайт. Кан жолдо зымыраган машинада канчалык ой-санаадан өзүн куткара албаса да, Айдар Чычкан капчыгайынын карагай-арча өскөн токойлорун, тоо түбүнөн шаркырап, үн салган дарыяларга аргасыз суктана карайт. Ала-Белдин күнгөйү көгөрүп жатса, тескейинде кар кете электигинен ачык терезеден жагымдуу муздак аба беттен уруп көңүлүңдү сергитет. Суусамырдын жайык талаасындагы түз жолдо айсайын жеңил машиналар карама-каршы зуулдап өтүшөт. Төө-Ашуудан өтөөрдө, тоо башындагы жыландай ийрейген жолдо бешенесине бүткөн тагдырына окшошуп кеткенсийт. Улам бийиктеген сайын Айдар ичинен «Садагасы кетейин, жеримдин кооз жаратылышы, Алла-Таалам кыргыздар үчүн гана атайын жаратып койгон бейиштин чекесиндей көрүнөт. Жеринин, элинин кадыр-баркын качан билип, баалаганын бөтөн эл үчүн кан төккөндө, бөтөн жердин кунарсыз тоо талааларын коргогондо билген».



* * *

Айдар Педагогикалык институтту бүтүрүп, иштөөгө жөнөөрдө, аскер кафедрасы жок болгондуктан, айрыкча Айдар сыяктуу жөндөмдүү студенттерди тандап алып, Сулайман тоонун ары четиндеги аскер горнизонуна бир айлык мөөнөткө кызмат аткарууга жөнөттү.

Айдарлар кадимки аскерлердей кийинип, бардык аскердик тартипке баш ийип, куралдарды атууга көнүгүп, орус тилин жакшы билгендиктен баарын тез өздөштүрүп, башкалардан өзгөчөлөнүп, командирлердин назарына илинди.

Бүтөр күнү Москва шаарынан комиссия келип, аскер билимин теориялык жана практикалык жактан текшеришти. Эрте менен Айдарга бөлүктүн (часттын) командири чакыртканыны кабарлашты. Айдар кирип барып, чест берди. Командирдин жанында кечээ өзүнөн экзамен алган полковник олтуруптур. Орто бойлуу, мойсопут орус киши Айдарды бир сыйра сынай карады да, экөө бетме-бет олтурушуп сүйлөштү. Ал өзүн Түркменстандын «Кушка» шаарындагы аскер-оку жайында курсанттарга аскердик - саясий окуудан сабак берерин, Орто-Азияда жашаган түрдүү улуттагы жигиттер кызмат өтөөрүн жана окуу жайда окушарын эскертти. Анан ачыгын айтты

–Сени экзамен тапшырганыңда билдик. Орус тилин эркин сүйлөп жаза да алат экенсиң. Ошон үчүн сага кенже лейтенант чинин ыйгардык. Бул аскердик, комсомолдук поручение. Он күндөн кийин облвоенкоматка барасың. Сени Кушка шаарына жөнөтүшкө толук өкмөт тарабынан каражат төлөнөт. Ну,

парень, отказа нет - деди. Полковниктин көгүш көздөрү тике карап, орус тилинде кесе буйра сүйлөдү. Кетеринде үй-бүлөңө түшүндүрүп, кечикпей баргын - деп катуу эскертти.

Бир айлык кызматтан келген соң беш-алты күн тирикчиликке алаксып, Айдар ич күптү ойлорун айталбай тынчсызданып жүрүп, атасы экөө жалгыз калганда сөз учугун чубады:

–Ата, сизге орчундуу масилет бар. Мени жакында Туркменистандагы Кушка шаарына эки айлык аскердик кызматка жөнөтүшмөк. Сизден сурабай макулдук бердим. Мени кечириң ата - деди. Кылмыш жасаган адам күнөөсүн моюнуна алгандай жер карады:

–Уулум, мени согушка чакыртканда ата-энебизден уруксат сураган эмес. Бул Сенин атуулдук милдетиң. Афганистанда согуш оту жанган учур. Сени ошол тарапка баруучу жоокерлерге орусча айтканда Азиат улутундагыларга саясий сабак берет окшойсуң. Бирок менин жүрөгүмдү өйүп, тынчымы алган нерсе мүмкүн сени Афганистанга жөнөтөт. Бир аз кабатырланган Айдар.

–Кантип эле. Эки айдан соң кайтасың – деген полковник. Атасына табышмактуу карады.

–Илгери бирөө айтыптыр: «Балам–балам башың жаш, башыңа тиер муштай таш» ошол сыңары сен али Советтик саясаттын түпкүрүн биле элексиң» - деди. Ата бала суз гана өз ойлору менен алектенип калышты. Анан Абдыгул аксакал сөз улады:

–Мейли, уулум, бешенеңе жазгандан качып кутула албайсың, Аллаадан сенин ден соолугуңду, өмүрүңдү тилеп, ак бата берип, сапарга узатуу ата-эненин милдети. Апаңа эки айлык окууга барышыңды өзүм түшүндүрөм. Бул сухбат экөөбүздүн ортобузда кала берет - деди атасы ишендире убада берип.

Күз айдын орто чени болсо да, Түркменистанда жайгашкан «Кушка» шаарына барганда чөлдүн аптабы беттен уруп, ысыктын али да табы кайта элек болчу.



Айдар эки ай аскер –окуу жайынын курсанттарына, жаш жоокерлерге, көбүнчө Орто Азия, Казакстандан келген түрдүү улуттарга аскердик – идеологиялык саясий окуудан сабак өтүп, мөөнөтү да бүтүп баратты. Өткөн эки ай жаштар менен иштөө өтө кызыктуу болсо да, Ата Журтунун элеси көзүнөн кетпей, сагынганы билиңип калды. Бүтөр күнү баягы тааныш полковник чакырып: «Ну, парень, аскердик кызмат, кийимиң баары өзүңө жарашат экен. «Как военная романтика, молодой» деп, мактоо сөзүн узатып, анан бир азга буйдала түшүп:

–Эртең кечинде бир батальон Афганистанга жөнөйт. Как саясий жетекчи катары бирге барасың. Ну парень-комсомолец! Жогортон келген буйрук, отказ жок»- деди. Сынай карап тапшырма түшүнүктүү болду.

Ооган жериндеги кунарсыз бөксө тоолор арасында аскер гарнизону жайлашкан экен. Алгачкы айларда тынчтык өкүм сүрүп, күндөр айларга уланып, ар жерде согуш оту күчөй берди…

Ошол түнү капыстан душмандар Айдарлар жайгашкан аскер бөлүккө бастырып киришти. Ар тараптан атылган гранатометтор туш келди жарылып, алдастай түшкөн жоокерлер каршылык көрсөтүштү. Айдар тапанчасын колго алып, жоого бет аларда жанында жарылган граната алоолонгон оттой көзүнө чагылып, сол буту тыз этип оорутуп, туш тарабы өртөнгөн жарыктан көздөрү тунарып, кадам баскан сайын улам алсырап, андан соң өзүн билбей калды.

Эсине келгенде вертолот учуп баратыптыр. Ак дака менен оролгон сол бутунан кан чыгып, жансыз эле.

–Кандайсыз, старший лейтенант. Бутуңуздун оорусуна чыдаңыз. Кушка шаарына жакындап калдык. Чек арадан өттүк, деди ак халатчан жигит. Ошондо Айдар эки тарабында бири башы таңылган, экинчиси колун асып байлаган жоокерлер кээде оорусуна чыдабай онтоп коюп баратышканын көрдү. Көрсө, душмандар чабуул койгон гарнизонго БТР жана абадан вертолет

аткылап, душмандын мизин кайтарып, жарадар жоокерлерди алып жөнөгөн экен.

Госпиталга жатканда рентгендик текшерүүдө бактысына жараша Айдардын сөөгү таза экен. Бир айдан сон жараты бүтүп, Түркмөнстандын кумдуу чөлү менен коштошуп, Ата Журтуна кайткан.

–Айдар аке, борборго да жакындап калдык. Жөнөөрдө Жамалдинге телефон чалып койдум эле. Шаар четиндеги жашаган жаңы конуштарга айдайын- деди эле, ойдон ойгонгон Айдар:

–Абил, Жамалдинди да, убара тарттырбай борбордук госпиталга жаткырбайлыбы? - деди жеңил машинасын жай айдап бараткан Абилге.

–Айдар аке, инибиз капа болуп калат. Бир түнөп, анан баралы, кандай дейсиз? - деди Абил күлүмсүрөп, жанында чалкалай олтурган Сатарга карап

–Ата, Абил акемин айтканына макул бололу. Жамалдин акеми да көптөн бери учурата элекмин. Эртең баралы - деди Сатар. Көп өтпөй шаарды аралап өтүшүп, борбор четиндеги түрдүү типте салынган жаңы конушка киришти. Айткандай эле сырткы чоң темир дарбазасынын алдында Жамалдин үй-бүлөөсү менен күтүп туруптур. Биринчи Сатарды машинанын олтургучунан жөлөй жерге түшүргөн Жамалдин эки бетинен өөп, кара тору жүзүнөн өкүнүчтүн, аянычтын сезими байкалып, көздөрүнө жаш келе түштү. Андан соң эки агасы менен жылуу учурашып, үйүнө чогуу киришти.

Госпиталдын ортопедия бөлүмүнүн башчысы орто бойлуу, ыкчам баскан, жигиттик курактан өтүп калган экен. Ал кааласында Айдар менен Сатарды жылуу кабыл алды. Столго олтурушканда:

–Сиздин уулуңуздун келээрин Коргоо Министрликтен звонить этишкен эле. Күтүп турабыз - деди. Анан Сатардын арыктай түшкөн өңүнө аянычтуу карап, диванга жардам берип, узунунан, көмкөрөсүнөн жаткырып, белдерин кармалап, оң бутун катуу ийди эле, Сатар акырын онтоп жиберди. Кайра диванга олтургузуп:



–Байаке,-деди Айдарга карап. –Уулуңузду он күн текшерүүдөн өткөргөн соң операция жасалат. Анан рентген кагазын алды да, чакан экранга коюп электр жарыгын жакты.

–Мобу жанбаш сөөккө протез коюшат. Аны дарыгерлер өзү менен кошо ала келишет. Себеби жанбаш сөөктүн томугу катуу травмадан жараксыз болгон. Жаңы койбосо биринчиден ийилбейт, оорусу да басылбайт-деди. Ручканын учу менен ата, балага көрсөтүп түшүндүрдү, үнсүз туруп калышканда: - Чочулабаңыздар такшалган профессионал врачтар келет. Кудаа каалаcа уулуңуз басып кетет. Эч кабатыр болбоңуз» - деди. Сатардын жүзүнө ойлуу карап ишенимдүү сүйлөдү.

Ошол күнү чакан палатага Сатарды жаткырышты. Күндөр зымырап өтүп, операция убагы келди. Чет элден келген эки врач эрте менен Сатарды көрүп кетишкен.

Сатарды тачкиге салып алып жөнөгөндө, кабатырдан кыйла чөгө түшкөн атасына акырын үн катты:

–Ата, мен жөнүндө көп ойлонуп, сар-санаага бата бербең. Алла шыпаа берип, врачтар себепкер болсо, мен кудаа кааласа ийгиликтүү операциядан чыгам. Ансыз да апам экөөң эки жылдан бери мен үчүн көп азап чектиңер, мен силерден ыраазымын, сиздердей ата-эненин уулу болуш мага сыймык. Сиз да аталык батааңызды берип, Аллаадан шыпаа гана тилеңиз. Кычандыр бир балалык убакта сиздин айткан сөзүңүздү аткарбай, көңүлүңүздү оорутуп койсом, көпчүлүктүн ичинде жүзүңүздү жер каратып койсом мендей акылы дале кире элек уулуңузду кечирин, ата. Менден ыраазы болуң, ошондо гана мындай оор операцияга Алла сабыр канат берсе, баарын көтөрөм – деди Сатар атасына. Айдар уулуна карады. Анын жүзүндө үмүттүн шооласы жанып, өзүнүн курман болушун билсе да эр жүрөктүүлүктүн белгиси билинип, миндеген душманга Ата-Журту үчүн көкүрөгүн тоскон жоокердей, жүзүнөн жайдарылык сезилип, операцияга бейкапар кирип кетти.

Экинчи кабаттагы «Операциялык блок» -деген каанада операция жүрүп, Алланын буйругу менен оорулардын тагдыры чечилип жатты.

Абил иниси Жамалдин экөө канчалык Айдар акесин алаксытышка аракет жасабасын, көңүлү жайына түшпөй, улам ээн столго жалгыз барып олтурат. Уулун акыркы жылмайган, суз, муңайым жүзү карегине тартылып, өтмүштө кала турган эскерүүдөй сезилип, анан уулунун балалык күндөрүн эстеди…

Анда кыш, кар калың, суук бетти чымыратат. Теңтуштары менен ичип алган Айдар үйү тарабына ылдам басык менен келаткан. Шашкандыктан байкабай музга тайгаланып, жыгылып, ок тийген бутун көтөралбай жатып калган. Ошондо жылгаяк тээп жүргөн өспүрүм балдар биргелешип, чанага жүктөп, үйүнө жеткиришкен. Буту ооруп басалбаганда врачтар көрүшүп, буту сынбаганын бирок оорул калганын айтышып, он күнчө үйүндө таяк менен басып, ишине баралбай калган.

Алты-жети жашар Сатар күндүр-түндүр жанынан чыкпай, атасы менен кошо уктап, оюнчуктарын топтоп алып, сакайганча жанынан кеткен эмес.

Ошондо уулуна ичинен ыраазы болуп, өзүнүн ичкиликке алдырып, бутунун оорушуна өзү себепкер экенин, күнөөсүн моюнуна алып:

–Өзүбүзгө-өзүбүз кырсыкты чакырып алат экенбиз–деп ичкиликтен биротоло кол үзгөн. Ошону эсине түшүрдү азыр. Айдар анан саатын улам-улам карап коюп, операция узарып кеткендиктен, түрдүү жүрөк кыскан ойлордон кутула албай арыбери баса берди…

Аңгыча жетип келишкен ага-ини:

–Сатарды алып чыгышыптыр – дешти жарыша.

Операция жасаган врачтар госпиталдын директиринин кабинетинде Айдарды кабыл алышты. Бирөөсү мойсонут, бирөөсү жашыраак жигит экен. Айдар экөөнүн колун кысып ыраазычылык билдирди. Алар Айдарды астейдил бир сыйра көз жиберип:



–Уулуңуздун ден соолугу өтө чын, анык жоокер экен. Операция өтө ийгиликтүү болду - дешти өз тилдеринде. Кошо кирген тааныш дарыгер:

–Бары артта калды байке. Уулуңуз эми басып кетет. Бүгүн кечинде гана көрөсүз. Наркоздо уктап жатат - деди.

Дарыгерлер менен коштошуп, Айдар көчөгө чыкты. Май айынын жагымдуу абасы беттен сылайт. Абилдин жеңил машинасына түшүп, Жамалдиндин үйү тарапка жол алышты.

Тегиз жолдо шаар аралап, көңүлү жайына түшкөн Айдар жараткандан миң мертебе ыраазы болуп, жайдары баратты.

Х Х Х

Айдардын үй-бүлөсү чогуу ак дастаркон үстүнө тегеректеп олтурушканда Сатар сөз учугун чубады.

–Ата, сизге бир нерсени уул-кыздарыңыздардын атынан айтайын. Быйылкы курман айтта апам экөөңүздөр ажы сапарына узатуу үчүн каражат жыйнап койдук эле. Атасы, апасы балдарына, Сатарга ыраазы болгондой мээримдүү караштьı. Анан Айдар аксакал кыйлага ойлоно түшүп:

–Сатар, уул-кыздарым, силерге ырахмат, бирок мени көптөн бери тынчсыздандырган бир ой кыйнап келатат. Айлыбыздагы Касымбектин жалгыз уулу көптөн бери жүрөк ооруга чалдыгып, операция жасатууга каражаты жок, барбаган жери, кирбеген эшиги калбаптыр. Өкмөттөн да, колунда барлардан да, жарыбаган акча топтолуптур, ошон үчүн жаш баланын сакайып кетишине силер топтогон каражатты сарптасак кантет?-деди. Айдар аксакал үй-бүлөсүнө өтүнгөндөй суроолуу карады. Кыйлага ортодо тынчтык өкүм сүрдү. Сатар кайрадан сөз учугун улап:-Мейлиң ата, сиз каалагандай болсун. Аманчылык болсо дагы аракеттенсек апам экөөңүздөр ажылык парзды аткарып келерсиңер.

– Баракелде, уулум, ак сөз айттың. Алла буйруса барабыз.

Бардык пенде башына түшкөндө гана билет тура. Ким уулун өлүмгө ыраа көрсүн. Касымбек байкуш уулунун оорусунун аза-

бынан айтар сөзүн билбей азып түйшөлүп, башы маң болуп калыптыр.

Алланын буйругун терең түшүнгөн, бар экенине ишенген пенде гана кудай үчүн, жараткан үчүн керек болсо, Ибрагим алайхиссаламдай уулу Ысмайыл алайхиссамды курмандыкка чалууга тобокелдикке барат. Ата-эне үчүн перзент кандай экенин, пенде, перзент дартын тартканда, ошонун оор азабын көтөргөндө гана түшүнөт



## Карабайдын алтыны
### (аңгеме)

Макен киргенде райондук НКВДнын башчысы Кабыл Жороев жалгыз экен.

-Жолдош Майор, чакыртыпсыз? – маңдайына туруп честь берди.

-Олтуруңуз, кенже лейтенант –деди сынай көз жиберип. Экөө столго маңдай-тескей жайланышты. Башчы колундагы кагазга үңүлдү да:

-Соронов, согушка барууга жазган арызыңыз менен тааныштык;

–Анда жөнөтүңүз – деди шашыла. Жыйырма бешке толгон көздөрүнөн оту жанган жигитке сыймыктуу көптү көргөн кыраакы көздөрү менен түнөрө карап:

- Согуш – деген согуш. Тылдагы тартипти сактоо экөөбүздүн мойнубуздагы оор милдет. Башчы ойлоно улутунду да: - Өтө опурталдуу тапшырма бар. Бул кармашууну чакан фронт десе да болот. Көңүл коюп тыңшагын. Районубузга караган кичи кырка тоолордун астында кичинекей айыл жайгашкан. Андан үч-төрт чакырым алыстагы тоо боорунда үңкүр бар экен. Ал үңкүргө салт адам гана барууга мүмкүн. Башка тараптан жол жок. Негизинен үңкүрдө согуштун качкыны жашайт экен. Билдирүүгө караганда куралчан, өзү да такшалган мергенчи. Эмне үчүн көп жылдан бери өзүн элден бөлөк алып жүрөт? Эмнеге качат? Сыр түйүнү ошондо. Башчы бир азга тыным алды да: - Өзүңө маалым, органда күч жетишпейт. Көпчүлүгү согуштун майыптары, картайгандар иштейт. Сага жардамчы кошо албайм.

Кабыл Жороев бурчтагы темир сандыкты ачып, жети атар тапанчаны алып чыкты да:-Мобу тапанчаны согушта пайдалангам. Сага берейин, огу толук запасы менен. Башчы кыйлага ойлуу түнөрүп, кара тору арык жүзүнөн аянычтуу сезим байкалса да, закон тартибине такшалган тажрыйбалуу майор, сырдуу тиктеди да:

- Колдон келишинче тирүү кармоого аракеттен. Өтө сак бол, бала. Орун басарыма жолук, үч күндүк сухой паегуңду берди-рет – деди майор сөзүн бүтүрүп.

Таң жарыгында жөнөгөн Макен тумагын түшүрүп, тери кыска тонунун жакасын өйдө көтөрсө да, чөлгө жаздын илеби келсе да, тоо суугу бетти каарып чымыратат. Тоо тарапка өйдөлөгөн сайын минген атынан пулоо чыгып, желдирип катуу бастырса да, жолу арбыбады.

Кечки суука калбай, айылга жетсем деген Макен тынчы кетти. Инирде араң, тоо түбүндө жайгашкан чачыранды айылга келди. Ар колоттогу үйлөрдөн бүлбүлдөп, билинер-билинбес жарык чыккансыйт. Жолго жакын түтүнү коюу чыккан чакан үйгө Макен атынын башын бурду. Үйдүн алдына келип аттан түшүп кыйлага буйдалды да:

–Ким бар!» доош чыгарды. Үй ичинен күбүр-шыбыр чыгып, кыйч этип, эски каалга кыйгач ачылды:

-Кимсиз? –чоң тебетейди баса кийген жаш бала көздөрү алаңдап, үн катты.

-Коркпо бала, кудайы конокмун үйүңүздөгүлөрдү чакыр. Бала кирери менен кемпир баш багып:

–Кел балам, кайдан жүргөн немесиң? – Кемпир чочулагандай суроо узатты. – Демдүүсүзбү энеке, райондон, келаткан жолоочумун, үйүңүздөргө түнөп кетейин- Макен чоо-жайын түшүндүрдү кемпирге:

-Мейли караңгыда кайда түнөмөк элең. Аңгыча баягы өспүрүмгө: -Анвар акаңын атын агылга байлап кой.–Бала ыкчам аттын чылбырын Макендин колунан алып, жетелеп жөнөдү.

Макен ичкери киргенде коломтодо бықшып күйгөн тезектин ачуу жыты бур этип, казанда кайнаган тамактын жагымдуу даамы жыттанганда курсагынын ачканын сезди.

-Келиңиз ака, беймарал төргө өтүңүз – деди. очокто куйбөлөктөгөн жаш жубан экинчи бөлмөсүн көрсөтүп.



Тери тонун чечип, илгенде, үйдүн ээлери кызыл жакачан тапанча тагынган Макенди эстери оой таңданып, корккконунан калтырашып, жалдырай караштьы. Дароо түшүнгөн Макен:

-Чочубаңыздар, мелисамын-деди аларга жайдары жылмайып карап.

Баары жайланышып отурган соң, конокко сүт куюлган кесме тартылды. Ошондо Макендин эсине түшүп:

–Эй үке, –деди. жанаша олтурган өспүрүмгө: «Аттын ээр кашында илинген калтаны алып келчи». Ал сыртка чуркап чыгып, сары (рюкзакты) көтөрүп келди. Макен оозун чечип, андан бир кара бөлкө нан, он чакты чакмак кант алып, дасторкон үстүнө койду. Жупуну дасторкон үстүндө жаңы конок менен үй ээлеринин арасында ачылып сөз сүйлөнбөдү. Кечке ат үстүндө жүргөндүктөн Макендин жаны жер тартып, батыраак жатууга камынды. Эртеси Макен жаздыктан башын көтөргөндө, таң жарып калыптыр. Ал катуу уктагандыктан талыкшыган денеси дем алып, жаны жыргай түшүптүр. Эсине келгенде шашыла башын сыйпалады. Жаздык астындагы тапанчасы жайында экен.

Ал күнү Макен ар жерде жайгашкан үйлөрдүн көбүнө кирип, чыкты. Согуштун оор запкысы элеттиктерди муңкүрөтүп салыптыр. Жергиликтүү калктын басымдуу көпчүлүгү билбейби, же коркобу, айтор жөндүү кабар айтышпады. Кечке жакын тоо түбүндөгү үйгө кирди. Абышка кемпири экөө сексенден ашып калышкандай. Карыя жайма-жай сурамжылап, Макендин келген максатынын дайынын билген соң:

–Эй, уулум, жаңкы кызы талак Байназарды (качкындын ысымы) тутканы келген мелиса турбайсыңбы? Аны согуштун качкыны дешет. Өзү чөл тараптан, бул эл тага журту. Согуш башталгандан бери мергенчилик кылам деп үңкүрдө жашайт. Кээде гана жашынып, айыл аралап, азык-түлүк камдап кетет имиш. Өткөн жылы сага окшогон бирөө аскер адамымын деп келип, тута албай убара болуп, аман калганына ыраазы болуп кеткен. Ээгинден сары түгүн кете элек жаш экенсиң балам. Ал

оңой оңжо эмес" деди. Карыя Макендин жаштыгын аягандай сөзүн бүтүрдү.

Эртеси Макен түшкө чейин эски-уску чүпүрөк терилерден адамдын кебине окшотуп жасады да, аны таяктын учуна байлады. Чакан сумкасына тамак жана бир бөтөлкө спиртин салды. Макен баягы аксакалдын алдына дагы барды. Карыя тоо тарапка колун жаңсай сөз баштады: - Макен балам, үңкүргө барууга өтө татаал, бир эле жол бар. Барган киши эки - үч жүз кадамдан даана көрүнөт" Мейли ушунчалык сая түшүп, калыпсың тилегиңе жет-деди карыя. Өзүн бутага тобокелчилик кылып жүрөгүн тоскон эр жүрөк адамды таңдана да, суктана да, сыймыктана да, карт нурсуз көздөрү менен узатып кала берди.

Колдоруна баягы жасаган таягын көтөрүп, жонуна карыянын үйүнөн алган кыл-чылбырды асынып, кадамын жай таштап, илкий жөнөдү.

Тоо койнун аралаган сайын, кылымдар жүрөгүнүн тереңине, пенде көтөрө алгыс, жараткан маңдайына жазган сырды ичине каткан, дудук адамдай сүрдүү, айбаттуу тосуп алгансыйт. Улам өр алган сайын шамалдуу ызгаар беттен уруп, Макендин тону делбеңдеп, денеси оорлошот. Тапшырма катаал, артка чегинүүгө болбойт. Макен кыялында миңдеген душмандарга жалгыз бараткандай тобокелчиликке салып, ишенимдүү кадам шилтейт.

Мындан ары сойлоп барбаса өтө опурталдуу экенин сезип акыл токтотуп, бир аз тыным алды. Анан баягы таяктарын колуна бекем кармап, ар жыйырма кадамга жерге сайып коюп, алга жыла берди. Энтиккен демин ичине тартып, жерге сайганда «тарс» эткен мылтыктын үнү чыгып, таяктын учундагы сөлөкөттүн ортосунан тешип өттү.

Бир азга алдастай түшкөн Макен тапанчасын мыкчый кармап, оңтойу келсе атып жиберүүгө даярданды. Дагы таякты өйдө көтөрдү, эки жолу удаа атылган ок чүпүрөктүн бир тарабын тешип өтүптүр. Ошондо Макен анын мергендигине ишенип, этияттанып, энтиккен демин басты. Аңгыча:



-Эй! ГПУнун доңузу, мени кармай албайсың? Мээнди көзөйм! Эсиң болсо артыңа кайт. Иттей өлүп, карга-кузгунга жем болосуң» - деген корулдаган үн чыкты. Макен жашынган таштан акырын башын өйдө көтөрдү. Үңкүрдүн оозунда мылтыгын атууга даярдап, дагдайган караанды элүү кадамча жерден даана көрүп, билинер-билинбес калтырап кеткенин өзү да сезбеди. Анан эсин токтотуп, чалкасынан жатты да:

-Эй, качкын! Кутула албайсың! Өз ыктыярың менен колго түшсөң, күнөөң жеңилдейт - деп эки колун оозуна такап бакыра сүйлөдү Макен. Бирок жооп болбоду. Баягы таягын дагы көтөрдү. Мылтык удаа-удаа атылып, тоо ичи жаңырды.

Түн кирип, караңгылык каптады. Айлананы туман басып, үңкүрдүн оозу да көрүнбөй калды. Кыштакка кайра барса жакын келе албасын билди да түнөп калууга аргасыз болду. Сумкасын ачып, тамагын алып, өзөк жалгады. Ала келген спирттен аз гана куюп тартты. Караңгы тумандан пайдаланып, үңкүргө жакындады. Үңкүр оозундагы чоң кара ташка жашынып, таяктарды сайып койду. Караңгыда айбаттуу көрүндү. Түндү басып жүрүп өткөрдү.

Таң жарыганда: – «Ура!» – деп кыйкырып тапанчасынан үңкүрдү көздөй ок чыгарды. Бироокумда карбаластаган качкын үңкүрдөн чыкты да, туш келди, таяктын үстүндөгү адам кейпиндеги каракчыларды аткылады. Бир аздан соң огу түгөндүбү, мылтык атылбай калды. Макен ыргып туруп, өзүнөн он кадамча турган качкынды мээлеп мылтык кармаган колуна эки-үч жолу аткылады. Мылтыгы ыргып, төмөн карай түшүп кетти. Макен заматта алдастай түшкөн качкындын үстүнө басып жыкты. Жараланган жырткычтай айбаттуу кыйкырып, колунан аккан канга карабастан Макендин кекиртегине колун созуп, муунтуга араккеттенди. Макен ыкчам кыймылдап, колун артка катуу күч менен кайрыганда качкын ооруга чыдабай аюудай айкырды. Ошондо Макен тиштенип, белинен буту менен басты да эки колун кыл чылбыр менен матап байлады. Далбас уруп, ойдолоктогон качкындын бешенесине тапанчасын такап: - Эй, ай-

бан! Жөн тур, болбосо иттей атып салып, ээн талаага өлүгүңдү таштасам ит-кушка жем болосуң акмак –деди. Энтиккен Макен ачуудан кыжыры кайнап, колдору калтырады.

Качкын Макенди тике карады. Бет алдындагы жаш жигит тайманбай уйкудан калып кызарган көздөрү ирмелбей качкынды эч аябоочудай түрүн көргөндө качкындын шайы ооп, бешенесине кадалган тапанчанын муздак тешигинен заматта от чыгып, көөдөнүн тешип өткөндөй бүткүл тулку боюн муздак тер басып, шалдырай түшүп:

-Эй, ГПУ, ал тапанчаңды деди да, үңкүрдүн оозуна тизелей чөгөлөдү. Макен тапанчасын кынына салып, муз аралаш кардан уучтап, оозуна салып ырахаттана суусунун кандыра чайнады да, качкынга көз жиберди.

Тери кемселинен төшү дагдайып, канталаган көздөрү ач карышкырдай кызарып, тоо ташка жашынып жүргөндүктөнбү сакалдары сапсайып, үңкүрдөгү жапайы макулуктай кейпи суук көрүндү. Түнөргөн качкын бир оокумда гана:

–Эй, үке, сөзгө келели» – деди. Жагымсыз үнү менен коңк этип. Эмне дээр экен деп, Макен сынай сөзүн тыңшады.«Коркпо жакын кел» деп оор үшкүрүнүп, ойдолоктоду да, :- «Үке белимдеги кемерди чеч» – деди. Макен кемселип өйдө көтөрүп, белине бышык кадала байланган кайыш кемерди чечип алганда оордугуна таң калып кар үстүнө таштады. Качкындын алда неден кызгангандай алга ынтыла түштү да: «Кемерди ылдый каратып, как» – деди. Шашкалактап Макен кемердин кылдат тигилген ички тарабын төмөн каратып, силкти күч менен. Ошондо сары тыйын ыргып, кар үстүнө түштү, күнгө чагылып, жалтырап нур чачты. Кар үстүнөн алганда колдорун калтырак басты. Өмүрүндө алгач көргөндүктөн таңдана бир азга селейип, өзүн унута түштү.

Анан качкындын сырын түшүнүп, тигиле карады. Ал байкуш кебетеленип, жалдырай тизелей жакын барып:

–Үкем, мага окшогон кыргыздын кулунусуң. Мобу аскадоодо бир кудайдан бөлөк сырыбызды эч ким билбейт. Колунда-



гы бакытты түгөнбөс байлыкты экөөбүз теңге бөлөлү. Мени бошотуп жибер. Алтын деген алтын, үзүрүн өмүр бою көрөсүң» – деди качкын жалбара суранып.

–Эй, акмак экенсиң! Мен өкмөт алдында ант бергенмин. Менин мойнумдагы милдетим сага окшогон согуштун дезертирлерин, тентиреп, Сары чаканын азабынан жашынып, жапайы жүргөндөрдү тутуп, жазалоо милициялык ыйык милдетим – деди Макен сыймыктана.

- Эй, үке, башың жаш, башына тийет муштай таш. Жаш экенсиң. Байлык кимди азгырбайт. Эсиңе кел, эртең согуш бүтсө баары сенин колуңда болот – деди. Качкын көптү билген кишидей насаат сөзүн айтты:

–Элибиздин башына оор кайгы түшүп, турса, эл-жерин коргоштун ордуна байлык үчүн өз жанын ала качкандардын акыры өлүм. Чыныгы кыргыздын уулу болсоң,минтип алтынга азгырылып ата-бабабалардын наамын булгабай, колуңа курал алып, согушка бет алат элең. Качан кыргыздын жигиттери элинин башына каран, түн түшкөндө качып, сага окшоп бекинген эле. Сени кыргыз дебейт, душман дейт, тур өйдө! Тентиреген дүнүйөкор айбан. Астыма түш, алтын сага насип этпеди, мага ашык атмак беле!» - деди Макен кыжырланып, тапанчасын кайрадан кабынан суурул чыкты. Качкын анын жүзүнөн аябоочудай каардулукту сезди. Кызыл жакачан жигит сүрдүү көрүндү. Ордунан ыргып туруп, бөйбөңдөй астына түшүп, жөнөдү. Макен кайыш кемерди этият кардын үстүнөн алып, бош сумкасына салды да, качкындын артынан илкий басты.

Качкын токтой калып акыркы ирет үңкүргө аянычтуу көз жиберди. Макен алдынан келаткан куш да даана көрүнөрүн байкап тоо боору менен кеткен жалгыз сокмок жолдо таңкы суукка тоңгон музга тайып кетип, мүдүрүлүп жыгылып, кайра тура калып бараткан качкындын изинен жылбай ичинен кубана алга арыш таштап, айылга жакындап калышты.

Баягы өзү түнөгөн үйгө качкынды айдады. Экөөнөн чочуладыбы, айтор бала-чака, кыз-кыркын, абышка кемпирлер коку-

сунан үйүнөн чыга калса да, өздөрүн жашырып, үйлөрүнө шаша кирип кетип жатышты.

Түнөгөн үйүнө жеткенде үйдөгү бала жүгүрүп чыкса да, качкынды көргөндө тайсалдап корккондой:

-Мелиса аке! Атыңызды сугарып, чөп салып тойгоздум-деди жалпаңдап калтырай сүйлөдү. Макен эки жакты тактап карап:

–Апаңы чакырчы -деди. Аңгыча каалганын жаракасынан аңдыган кемпир өзү чыга калды.-Эне малканаңыз бош беле?

-Баары бош, тээтигиден башка жандык калбады

-деди кемпир! Чабрадагы улагы секирип ойногон эчкини колунун учу менен көргөздү.

Макен малкананы ачып, адамдын башы араң батчудай айнеги жок тешикти көрдү. Качкынды айдап келип, ачуу үстүндө катуу байлаган колун бошотту. Айбандагы эки боо чөптү ыргытып:- «Кир, качып кетемин деп ойлобо, жаныңан үмүт этсең» -деди. Караңгы жалгыз малканага киргизип, сыртынан кулпу салып койду.

Качкындын бүткүл оюу, дарты сумканын ичиндеги алтында болчу.

Макен үйгө кирип чечинип жайланышып олтурду. Калтасындагы калган азык-түлүктү дасторкон үстүнө койду. Сумкадагы качкындын кемерин бош калтага ороп салганда сырттан келген кемпир кемердин сырдуу экенин байкап, ичинен уруп, негедир карт жүрөгү алда немени сезгендей куу кемпир шектене түштү.

Эшикте тоо тараптан жаздын алгачкы белгилериндей суук аралаш жагымдуу жел келгенсийт. Макен уктабай эки жолу аты менен качкынды карап келди. Бая жарым катырма нан менен бир чыны сүт берип качкынды да тойгозгон. Ошон үчүн жатууга камынды. күндөгү жаткан төркү бөлмөгө кирип кетти.

Кемпир кемерди эсине түшүрүп, уктай албай сыртка чыкты.

-Эй кемпир, бери кел! – деген, дорулдаган орой үнду уккан-да селт этти. Малкананын тешигинен башын чыгарган качкынды көрдү. Корккондуган үнү буулуп калтырады:-«Ой эне, кебим



бар сизде чочубаңыз Мен деле пендемин»-деди. үнү карылданып чыкты. Кемпир сапсайган качкындан эки-үч кадамдай оолак алыстап, эмне дээр экен деп кулагын төшөдү:

-Мелиса уктадыбы?

-Ооба, кулак сенде, сөзүң болсо айт батыраак.

-Баштыкта, кайыш кемер бар. Ал жөн кемер эмес, ортосунда алтын тыйын жайгашкан. Акырын каксаң бирден-экиден төгүлөт. Ошол кемерди эптеп ал. Экөөбүз тең бөлөбүз-деди качкын үйрөнгөн сөзүн кайталап.

–Алтын дейсиңби? Кемпирдин көз алдына сырдуу кемер тартыла түштү.

-Алтын тыйындар бар он кадактай» деп качкын көп жолу кайталап айтты. Кемпир акылынан адашкандай качкынга тигиле карап, анан оюна мындан бир- эки жыл мурун качкын жөнүндөгү кээ бир миш –миштерди эстеди. Анда качкын айылда жашап, түн катып үңкүргө кетчү. Ошондо кээ бирөөлөр анын үңкүрдө каткан байлыгы бар имиш дечү. Бирок эр жигиттер жок болгондуктан аны менен кошо эч ким үңкүргө таап бара алчу эмес. Ошол көңүлүнө кылт этип кетти куу кемпирдин. Кемпир акырын кызын сыртка чыгарып, шыбырап сүйлөштү. Анан уулун ээрчитип кошунасыныкына жөнөдү.

Качкын тешиктен башын чыгарып, үмүттөнө кыйлага күттү. Кечки суук бетин чымыратканда, айласыз чөптүн үстүнө кыйтая кетти.

Макендин бетине жылуу, назик алакан тийгенде магдырай түшүп, уйкудан көзүн ачты. Баш жагында көйнөгүнүн жакасынын түймөлөрү ачылган, жылаң баш, узун, кара олоң чачтарын түшүргөн аялды таңдана карады. Чакан терезеден тийген, аппак, ай нурунун шооласынын жарыгынан үй ээси, жаш жубанды таанды. Түшүндө көргөндөй башын жаздыктан көтөрдү да:

–Суусарсыңбы? үйүңдөгүлөр кана?–деди катуу уктап кеткенинен чочулаган Макен.

–Камтама болбоңуз. Апам, үкөм экөө кошуналардыкында түнөшөт. Макен келиндин баягы сыйпалаган узун ичке манжа-

ларын жакын тартты. Келиндин олоң чачтарынан мас кылуучу жагымдуу жыт келип, башын айлантып, ысык эриндеринин деми менен беттеринен өпкүлөп:

-Биз, аял заты тойбогон торпоктой, он гүлүбүздөн бирөө ачыла электе, эркектин жүрөктү опколжута кыскан кучагынан алыстадык. Ырахатын сезип, кумарыбызды жаза албадык. Сиздей жаш жигитти кантип жөн кетире алам. Өзүм келдим аргам түгөнгөндө, кечириң мени же түртүп жибересизби, аялдык сезимди сындырып-деди. Суусар жалооруй да, догуруна да, мойнуна асылып, эркелеп, эреркеп бышыктап ыйлады. Макен баарын унутту. Кой көз ак жубанды өзүнө имере тартканда, көптөн бери аял затын сагынган, кусаланган жүрөгү туйлап кетти. Ак жубан кийимдерин, чечип, туш келди ыргытты. Колдун учу тийсе жарылып кетчүүдөй толуп, тысыраган көкүрөгү кара булут менен кагышкан чагылгандын огундай чартылдап, жаш жүрөктөрдөн от чыгып, жалынга айланды. Эркек кучагында магдырап, коргошундай көлкүлдөп дүйнө кызыгына батты. Ошол учурда махабат өртүнө чыдабай кыңшылаган кызынын үнүнө машырлана куу кемпир кемердеги алтын тыйындарды убараланып, чыгаралбай кемерди улам каккылап, түшкөн тыйындарды көзүнө сүртүп, ачкөздөнө чеңгелин толтурганда, башындагы жолугуна таштап, кыйла алган соң этияттап ороду. Анан колтугуна кысып, үйүн айланып, эңгирей түшүп, кайра эсине келип, эски сандыгына бекитип, кулпун култап, ачкычын чачына бекем байлап, кошунасыныкына жатканы жөнөдү.

Качкын уктай албады. Жараланган колу зыркырап ооруду. Тешиктен кирген жазгы кара суук бүткүл денесин ичиркентип, калтыратты. Чөпкө кыйшая жатып өткөн күндөрүн эсине түшүрдү.

Отузунчу жылдын баш чени. Айылдарда колхоздоштуруу түзүлө баштаган учур.

Кеңеш өкмөтүнүн атка минерлери калган каткан байларды кулакка тартып аткан.

Түн Дарбаза катуу такылдады.



-Эй! Исмадияр, Исмадияр! Барсыңбы? Ач, эшигинди! – деди артынан жоо куугандай өтө шашкалактап. Байназардын (качкындын ысымы) атасы Исмадияр карбаластап, кыйладан соң үлпүлдөгөн кара чыракты тамызып эшигин ачты. Олбурлуу суусар тебетейин бешенесине баса кийип, бирөө кирди:

–Карабайсыңбы, кел бай досум жети түндө уурудай жашырынып келипсиң, тынчылыкбы-деди. Исмадияр айылындагы Кара байдын жүзүнө үңүлө карады: -

–Эй, досум, башыма иш түштү. Мени жети атасынан бери бай болгон, кулакка тартыш керек – деп жанагы кызы талак жажайка (комсомол уюму) дейби ошонун башчысы жазып бериптир. Мал-мүлкүмдү өз ыктыярым менен өткөрүп берсем да жакпадым кеңеш өкмөтүнө. Ошондуктан бала-чакамды тээ кытай чегине алып баратам. Сени менен коштошкону келдим»-деди. Карабай тынымга ойлоно түштү да, чепкенин чечип, белине байлаган кайыш кемерди алды да:

–Исмадияр, кыяматтык досум, экөөбүздү замандын татаал мезгили бөлүп атат. Күркүрөп байып, атагым алыска тарап, жайытыма малым батпай, дүйнө мүлктүн эгеси болгон чагымда бирге өскөн теңтуш элең, кембагалдын баласы болсоң да, жакшылык-жамандыкта өзүңү кошо алып жүрдүм. Жардамымды аябадым. Досундун шарапаты менен үстүңөргө үй, короодо малың, минерге атың бар эле. Муну милдет катары айткан жокмун. Эми сөздүн ток этерин айтайын.

Карабай шектүү эки жакты элеңдей карап:

–Аяш менен балаң гана?

-Аяшың синдисиникине кеткен. Байназар уктап жатат, камтама болбо -деди. Ишендире сүйлөдү. Карабай баятан бери мыкчый кармаган кемерди сунуп:

-Исмадияр, мобу сага аманат. Мунун ичинде он кадактай алтын теңге бар. Катып кой. Чек арадан өткөрө алгыдай эмесмин. Аманчылык болсо кайрылып келгенде бересиң-деди, Карабай кош колдоп, досуна кымбат аманатты карматты. Исмадияр албай коюштун айласын таппады. Кайыш кемерди кармаганда

салмактуулугунан колдору ийиле түшүп, калтырап кетти. Кара бай чыгып баратып:

–Досум алтын дүнүйө кимдерди жолдон чыгарбаган. Өтүнөрүм аяш менен айрыкча эр жеткен уулуңа билдирбе. Негедир балаң кызы талак өтө мугамыр, ыймансыздай көрүнөт. Катыныӊ менен уулуӊ өзүӊө душман болуп жүрбөсүн. Сак бол. Аман бол, досум- деди Карабай. Сыртка чыгып, атына шап минип, жөнөдү. Күздүн салкын түнүндө, атынын дүбүртү алыстап караӊгылыкка сиӊип кетти. Бир азга эндирей түшкөн Исмадияр үйүнө шаша кирип, колундагы оор кемерди туш келди үйдүн бурчтарына кайра-кайра катып уйкусу качты.

Башын кылтыйтып, үн катпай төшөктө жаткан Байназар баарын угуп, атасынын дүрбөлөӊгө түшүп, тынчы кеткенин сезди.

Ошол күндөн соӊ Исмадияр көп күн үйүнүн алдындагы талдын ортосундагы оюлган көӊдөйүнө катып, түн ичинде уурданып, көрүп коюп жүрдү. Жаздан кеч күзгө чейин, күндүн ысыганын кемпири менен баласына шылтоолоп, тал түбүндө жатчу. Ошондуктан алыска да чыкчу эмес. Жылдар өткөн сайын көӊүлү жайланып алыска чыкчу болду. Бирок Карабай досу Кашкардан кайтпады.

Күндөрдүн биринде кайын журтунда бир бир тууган кайниси каза болуп, кемпири экөө ошол тарапка жөнөштү. Эки күн түнөп кайтышты. Исмадияр үйүнө жакындаган сайын кооптонуп, улам тынчы кетип, шашып келди.

Аттан түшөр замат, талды көздөй жөнөдү. Кудай бетин көрсөтпөсүн талдын ойугунан, майда куураган сөӊгөктөрүн көрдү. Эки жакка элеӊдей карап, эч ким жок болгондуктан шашылып барып, талдын үстүнө чыгып, көӊдөйгө колун узатты. Эч нерсе урунбады. Кемерди орогон тери чыкпады. Исмадияр шатыдан кулап түшчүдөй шалдайып, оозунан жемин алдырган куштай, тарп этип акыркы шатынын баканасына бутун койбой кулап түштү. Жете келген кемпири башын жөлөп, өйдө тургузду. Өзүнө араӊ келген Исмадияр:- Байназар! Байназар, О,



Жумарынбет !» деп, айнып калган адамдай туш келген жакты карап чакырды.

Кемпири эч нерсеге түшүнбөй нес болуп калды, абышкасынын ачуулуу абалын көрүп.

Кечинде Байназар келди. Атасы колунан жетелеп баягы тал түбүнө алып келип, жалынып да, коркутуп да суранды. Байназар бир калыптан жазылбады. Атасынын ушунчалык карегине жаш толуп, суранганын сезбеди. Атасына болгон мээр, шыбага, ырайым небак алтынга алмашып калган эле. Дулдуюп, атасын көзүнүн кыйыгы менен карап коюп, үнсүз олтура берди. Качан гана экөөнүн жашыруун сырын түшүнө албаган эне кургур келип, ата-баланы кейип-кепчип үйүнө ээрчитип жөнөдү.

Көп өтпөй сар-санаадан арыктап карый түшкөн Исмадияр пайгамбар жашына жетпей баягы талга асынып өлдү. Кемпири, эли-журт анын табышмактуу жанын кыйганына таӊданышып кала беришти.

Исмадияр кыяматтык досу Кара байдын аманатын сактай албаганына, аманатка кыянат кылган өз канынан жаралган жалгыз уулу экенин билгенде дос алдында күнөкөр экенин билип, жанын кыйды.

Айылдан обочо өскөн теректер болчу. Анын көбү астынан суу өтпөй куурап, арасынан бир түп карыган терек гана өсүп калган. Жаш убактарында Байназарлар теӊтуштары менен теректер саябында ойночу. Теректин эӊ учуна чейин Байназар чыкчу, теректердин шактарынын арасына чымчыктар көп уя салчу. Байназар ошол уяларды бузуп, шашылбай жумурткаларын алып, жылаӊач койнуна салып, балапандарын башын жулуп, ыргытчу. Бирге өскөн балдар таӊданышып турса, кичинекей балдар кыжына балапандардын башын жулган Байназардан сестене карашчу. Ошон үчүн бирге өскөн теӊтуштары аны мыкаачы деп ат коюп алышкан. Кийин ал теректердин түбүндө балдар да ойнобой парандалар уя салышпай коюшту. Жалгыз калган кары терек негедир кунарсыз көрүнчү.

Байназар алтын кемерди уурдап, ошол теректин ортосундагы коюу шактардын арасына бекитип койгон эле. Учуру келгенде жан адамга билгизбей, үкүдөй түн катып келип, терекке чыгып кемерди көрүп кетчү. Жылдар өтүп апасы ааламдан өткөндө үйүнө кемерди алып келип бекитип алды.

Бир эмес эки жолу төшөк жаңыртты. Аялдарынан алтынды кызганып, тез эле ажырашып кетчү.

Батыштан кан күйгөн согуш чыкты. Эр азаматтар эл коргоого согушка аттанды. Кыркка таянган Байназар алгачкы чакыруда эле качып, ар жерде жүрүп, акыры ошол үңкүрдү байыр алып калган эле.

Таң атаарда уктап кеткен качкын шашып, ойгонду. Макен көзүн ачканда күндүн нуру чакан терезенин жылчыгынан тийип, кыйла көтөрүлүп калган экен. Шаша кийинип, сыртка чыкты. Бети колун жууп киргенде:

–Жакшы дем алдыңызбы Макен аке деди. Отту алоолонто жагып, сүттү булоолонто кайнаткан Суусар эркелей жан тарта сүйлөдү.

-Ырахмат эркем! Жакшы эс алдым деди Макен. Суйсала басып, жанына келген Суусарга.

Дасторгонго коюлган жыгач кеседеги сүттү тез ичип, көңүлү көтөрүңкү Макен жөнөөргө камданды. Сыртка чыгып бараткандa мойнунан бекем кучактап:

–Кудайым дагы жолуктурар бекен” деп улам бетинен өбө берген Суусарга:

–Апаң менен үкең келише элекпи?-деди шектене Макен. -«Мынча такыйсыз, алар бизге тоскол болмок» -деди Суусар сырдуу жылмайып. Качкынды эшикке чыгарып, атына минерде:

–Суусар рюкзакты (калтаны) ала чыкчы – деди Макен. Үйгө кирип кеткен Суусар тез эле чыгып сары калтаны колуна карматты. Макен рюкзактын оозун ачканда Суусар тынчсыздангандан ыраңы бозоруп, уурдана карады. Жол таргуута шашылган Макен кемерди кармап көргөн менен анын жениндей түшкөнүнө анчейин сарасеп салбады. Жалооруй колдорун кое



бербеген Суусарга алаксып, Макен качкынды айдап кыштактан узай берди. Үй-үйлөрүнөн кемпир чалдар, бала чака чыгып, таңданып турушту. Эң четки ээн үйдөн Суусардын караанын улам кичирейип алыстады.

Сыр катып, тунарган карт тоолордун кар баскан чокулары да улам алыстап, кыштак көрүнбөй калды

Ачкарын качкын араң басат илкип.

# Новеллалар

## Соңку тилек

Чачтары куудай агарган, бүкчөйгөн арык кемпир таягына таянып, шаар тарапка кетчү кан жолго колун серептеп, улам өткөн адамдардан сурамжылайт:

-Ээ, садагасы, Салимсиңби? Сен Салим болуп жүрбө?

Ал азыр да жолдо бараткан жигитке ушул соболдорун жаадырды.

-Жок, эне, мен Үсөнмүн - жигит бурула кемпирге кайрылып: Күүлүү, демдүүсүзбү, эне? – деп анын колдорун кармап учурашты. Салим ооруканадан чыгып келип калды беле?

-Кайдан, кагылайын, сени таанызбай Салимби деп үмүттөнбөдүмбү. Карыганда кашайып, дагы минтип жол карап калбадымбы...

Кемпирдин бырыш баскан муңайым жүзү ого бетер сустайды. Үсөн кемпирди жалгыз калтырып кете албай, Өткөн кеткенди сүйлөп кыйла турду. Не убак өткөн соң гана коштошуп ары кети.

Кемпир таңданып, калтырап, ары бери кыптандай бут шилтеп ичкери кирип күбүрөндү: «Кагылайын жалгызым, кудайым жалгап, айыгып, ооруканадан келип калсаң экен!... Боорукер, ыймандуу өстү эле кулунум. Жумуштан чарчап келсе да, жанымдан жылбай көргөн укканын айтып, экөөбүз кобураша берчү эмес белек. Түндө түшүмө кириптир каралдым. Бала кезиндей эркелеп бетин бетиме тийгизгенде эки тамчы көз жашым жүзүмөн төмөн кулап кетти. Түштө көргөн көз жашың өңүндөгү кубанычың дешчү эле го.

Ажеп эмес, уулум эсен-соо келип калгысы бардыр... Чымындай жанын сактай көр, оо айланайын жараткан!»...

«Оо, кудай, төрт кызымды наристе кезинде, бир уулум азамат болгондо, абышкамды өзүмө тең карытпай алдың... Эми



акыркы тилегимди кабыл кыл, жараткан теңирим! Жалгыз уулум өз илдетинен айыгып келип, андан мага топурак буюрусун! Неберелерим менен тебелеп-тепсеп, менин сөөгүмдү өздөрү жерге жашырсын! Оо, кудай, ушул тилегимди аткар! ...

Кемпирдин эриндери бүлкүлдөп өчө баштаган шамдай үлдүрөгөн көздөрүн ирмеп-ирмеп алганда каректеринин кычыгынан сыгылып чыккан эки тамчы жашы мөлт этe төмөн тоголонду. Арадан он күндөй убакыт өтүп, Бишкекте даарыланып жаткан жалгыз баласы операциядан таза айыгып үйүнө кайтып келди. Ошондон бир нече айдан соң кемпир кайтыш болду. Уул-келини, неберелери анын урматын кылышып, каада салтка жараша тажыясын өткөрүштү. Кемпирдин акыркы тилеги ырасында ак орундалды.

# Тегирменге барганда

Асманды кабатырлана тиктеген апам:

-Күн бүркөлүп турат, тегирменге барбай эле койбой-суңарбы? - деди тынчсыздана акем экөөбүздү алмак-салмак аяй карай.

-Барбасам болбойт, апа, эки күндүк мээнетим текке кетеби?-деди Бектен акем чоң, ала каптын оозун бууп атып.

-Мейлиңер, адам болгонуңар ушул. Бирок, кар жаап жиберип, ара жолдо кыйналасыңарбы? - деп ойлодум эле, Кудайга аманат, - деди.

Апам айрыкча мага жаны ачыгандай жөнөткүсү келбей, чый-пыйлаган баласын кырсыктан коргогон сак канаттуудай айланчыктады.

-Үйдө ун жок, ачкаа калабыз да, үч күндөн бери жүгөрүнүн макасин жанчтым. Барыш зарыл, жолду болсо Калык аба, Кожош менен каттап билип алгам, камтама болбоңуз,-деди өжөр акем чоң кишидей ишендире кесе сүйлөп апамды сооротуп.

Коңшубуз Калык абанын эшегине капты артып, үстүнө мен миндим да, тегирменге жол алдык. Апам биздин караанныбыз көрүнбөй калганча узатып калды.

Мен балалык кыял менен күн күркүрөп, чагылган чартылдап, жаан жаап өтүп, андан соң күн ачылганда, кышын-жайын кар баскан тээ тетиги асман тиреген аска-зоолорго, улам төмөндөгөн сайын көгөргөн адырларга суктана карачумун. Адырдан ылдый түзөңгө созулуп келген ийри сызыктай сокмо жолу, балалыктын эң бир сонун чер жазып, жүгүрө берүүчү бакыттын сокмо жолундай сезилчү мага. Ал тарапка кусам артып, ошол тоолордун эч капарсыз «согуш» деген алааматтын үнү жетпөөчүдөй, айыркча атамы сагынганда куштай сызып, тээ чексиз асманда кайкып учуп заматта жетким келчү.

Азыр да эшек минип баратканым менен кыялым алып учуп, тоолор туман арасынан мага улам жакындагансып, пəристе жүрөгүмдү делөөрүтөт.



Тегирмен айлыбыздан он беш чакырымдай алыста экен, анын үстүнө ээн сай бойлоп кеткен сокмо жол өтө эле узактай сезилет. Он төрт жашар акем, он жашар мен турмуштубуздагы өз алдыбызча чыккан эң алгачкы сапарыбыз ушул менин делөөрүгөн көңүлүм ансайын алып учуп, айылдан небак узап кеткенибизди сезбептирмин. Тегирмен тарапка өтчү сай башындагы суу үстүнө тоңгон музду көргөндө акем ичинен өкүнгөндөй сөгүнүп алды да, анан эшектин тизгинин өзү кармап, муз үсту менен жетеледи. Аркы өйүзгө өтүүгө аз калганда эшектин буттары тайгалана баштады.Ошондо «бышык олтур» деп акем кыжалаттана эскертти. Эшек сүрүлүп, мен үстүнөн учуп, муз үстүндө тизелеп калдым. Жеңилдей түшкөн эшек бир жагына кыйшайган капты муз үстүнө кулатып жиберди. Ошондо акемдин кызыл жүзү кубарып, муңайым өңүнөн ачуунун, өкүнүчтүн, кайгынын учкуну чачырап, селейип четте ооруксуган бутуму кармалаган мага жакын келди да:

-Эй, өпөйгөн көчөт! Эшекти да эптеп мине албайсың, эми кантебиз?- деп ачуусуна чыдабай, мени жаак талыштыра коюп жиберди.

Суунктан чымыраган беттерим кызарып, мурдум канап кетти. Мен терс бурулуп, үнүмдү пас чыгарып, эзилип ыйлай бердим. Акем кыйлага муз үстүндө сулап жаткан капты ары-бери кыймылдатып, болбогон соң оор улутунуп, кабагын каршы салып олтурду. Мен билинер-билинбес мукактанып, дагы ыйладым. Ошондо гана акем мен тарапка басып келип:

-Акыл. Акылтай,-деп эркелете чакырды да, анан чөнтөгүнөн кол жоолугун алып, (аны классташ кызы берген болчу) менин канап токтогон мурдумду, бетимден куюлган көз жашымды өтө мээримдүүлүк менен сүрттү.

-Акылтай, мени кечирип кой, апама айтпагын, сенден сура-нам, экинчи сага кол кайрыбайм. Атам-апамдан кийинки эң жакыным сен эмессиңби! Сен менин жалгыз кара чечекей үкөмсүн,-деди.Үнү каргылдана, жалдырай аянычтуу тиктеди.

Агамдын кош катсыз, жулжуйгөн көздөрүнөн жаш кылгырды. Анын жашын көргөндө ого бетер күч алып, ыза ичимди туз жалагандай өрттөп:

–Бектен аке, чочулабай эле кой, апам да атам согуштан аман-эсен келсе, ага да айтпайм. Анан апам айткандай, жаштын тилегин берип, атам аман-соо келсе, болгону атамды абдан сагындым!-дедим да акемди кучактап, буулугуп жаткан кусамды чыгарып, өксүп шолоктоп-шолоктоп ыйладым.

-Кой, Акылтай, ыйлаба! Атам келет сөзсүз!-деп акем мени кучактап, бооруна бекем кысты. Бирок, анын жашы кудум жамгырдай себелеп, маңдайыма таамп атканын сездим.

Бир аздан соң түнөргөн асман борошого айланып, сабалап кар жаады. Ээн сайда үрпөйгөн эшекти, муз үстүндө жаткан капты унутуп, акем мени тонуна ороп, жүнү түшкөн эски тебетейимди өзүнө, башындагы атамын чоң түлкү тебетейин мага баса кийгизди.

Кар биздин ачуу тагдырыбыздай өчөшкөнсүп, улам борошолоп жаап, алай-дүлөй түшүп, көп өтпөй эч нерсе көрүнбөй мунарыктап, айлана тунарып калды. Бир оокумда гана:

–Оо, садагалар, кайсы балдарсыңар? - деген үндү кулагым чалганда тондон башымды чыгарып, айланамды карадым. Ошондо көргөн көзүмө ишенбедим. Ак тон кийген, сакалдары аппак, боз ат минген чал кашыбызда туруптур. Кыйлага мукактанып сүйлөй албай:

-Тегирменге бараткан балдарбыз, жүгүбүз оонап түштү,- деди акем шашыла үшүгөндөн ээктери шакылдап.

Чал атынан ыкчам түштү да, атын эшектин чылбырын байлап: - Кана. азамат, көтөрүшчү! - деп каптын ооз жагын бизге көтөртүп, түбүн өзү жонуна жөлөп, эшектин үстүнө салды. Анан атынын чылбырын чечип:

- Сен балам эшекти жетелеп ал, үкөң мага учкашсын,- деди ал. Биз сайдын аркы өйүзү менен жөнөдүк. Кыйла жүргөн соң шаркыратма суунун астындагы тамды колундагы камчы менен кезеп көрсөтүп:



-Тээ тиги тегирмен, бара бергиле садагалар, мен мындан ары жол узартамын, -деди чал чоң жолго атынын башын бура берип. Экөөбүз тең эндиреп калып жакшылап ыраазычылыгыбызды да билдире албай, артынан карап калдык. Менин көзүмө чаба жааган карга аралашып сиңип кеткен чал апам кээде айтып калчу «башыңа иш түшкөндө жардамга келчү кызыр алей саламдай» элестеди.

Ошол күнү кеч калып, тегирменчи кашкарлык чалдын таттуу буудайдан пияз кошуп бышырган катырма нанын жеп, сүт кошкон жармасын ичип. тегирмен таштын доошуна кулак түрүп, чакан жыгач сөрүсүндө акем экөөбүз ыракаттана уктадык.

Эртеси күн ачылды. Биз загыра унубузду жүктөп алган соң айылга кудундап жөнөдүк. Баягы мен суктанган тоолор айылга төмөндөгөн сайын артта калып, кайрадан алыстай берди.

# Сыр кеседеги гүл

Азиз көң аралаш топуракты жолукка бекем түйгөндө ичкериден сыртка чыккан апасы:

–Көрүстөнгөбү? – деди кол таягына сүйөнүп.

–Ооба, эскерүү күнү эмеспи.

Кемпирдин жүзүнөн күлүмсүрөгөн курсантчылык байкалды.

–Азизтай, сыр кеседеги гүлдөр барбы?

–Жазда кайрадан өстүрөлү, апа.- Азиз назик жооп берип, колундагы ак түйүндү көрсөттү.

-Садагаларым! Бектуруман сыр кеседеги гүлдөрүнөн башка бөтөн белги калбады. Саратандын аптабында соолубасын деп чакалап далай суу септим. Карылык курусун, үйдөн алыс чыга албай калбадымбы. Ошентсе да перзенттин күйүтү сөөгүм менен кошо кеткидей, - кемпирдин тамагы ачыша, үнү каргылданып чыкты. Анан муңая кулак төшөгөн уулуна тиктеди.

–Бара койгула, алдыңа кетейиндерим! Жолуңарга жолтоо болбоюн, деди да айбандагы өзү отурчу чакан сөрүнү карай басты. Короодон сыртка ээрчише чыккан уулу менен небересин узата тиктеп: «Оо, Кудайым, ушуларымдын башын таштан жарат» - деп күбүрөп шыбырап, бата кылды.

Кыштак четиндеги айланта темир тор менен курчалган мүрзөгө кетмен, күрөк көтөргөн адамдарга кошулуп киришкенде:

-Ата! Энем айткан мына булбу? – деди, Азиздин уулу Сарыбай шашыла сыры көчкөн көк сыр кесени колунун учу менен көрсөүп.

-Ошол Бектур абаңкы, - деди Азиз, анан чөк түшө калып куран окуду. Андан соң экөөлөп мүрзө үстүндө куураган чөптөрдү ала келишкен тырмооч менен этият тарап тазалашты. Адамдардын көпчүлүгү өз жакындарынын мүрзөлөрүн тазалаган соң жапырт иретке келтиришти. Алыстан айырмаланып көрүнгөн күмбөз эч кимиси келбесе да заңкайып даана көрүнөт.



–Тээ тиги чоң мүрзө кимдики? Кооз экен-деп Сарыбай таң кала сурады. Бирок жооп ала албаган соң ошол тарапка басты.

...Күмбөз бүткөндөгү шаан – шөөкөттү эсине түшүрдү Азиз. Айылдагы бүт эл жыйылып, жылкы союлуп, мүрзөнүн тегерегиндеги тал – теректердин түбүнө жай даярдалып, кенен дасторкон үстүнө түрдүү даамдар толтурулган. Анда чалдын балдарынын бири райондо соода базасында иштечү, экинчиси айылдан жүн чогултуп тапшырчуу. Түштө элге аш, эт тартылып, аксакалдар дасторкондогу даамдын баарын түйүнгө түйүшүп, чалдын уул – келиндерине жана неберелерине чарчаганча шандуу бата беришти.

Эл тарап, өзүнө тиешелүү кишилер калганда, түш тараптан жеңил машиналар келип, ичтери саландаган салабаттуу кийинген адамдар түшүп, чалдын уулдары менен кучакташып көрүшүп атышты. Шоферлору ар түстөгү ичимдиктерди яшиги менен көтөрүп, талдын түбүндөгү орундукка жеткиришти. Меймандар дасторконду тегерене отурушуп, каткыра күлүшүп, чөйчөктөр чалдын күмбөзүнүн бүтүшүнүн урматына көтөрүлдү. Күмбөздү курушкан Азиздин уста теңтуштары аны кетирбей алып калышкан. Четте өзүнчө жупуну дасторкондо отурушкан куруучуларга да ичкилик келип турду.

Мүрзөнүн айланасындагы олтуруш күн уясына батып, айлананы караңгылык каптаса да улана берди. Меймандардын шандуу күлкүлөрү жаңырып, ыргытылган бөтөлкелөрдүн доошу чыгат. Кызып калган Азиз чалдын уулдарын мактай беришкендиктен ачуусу келип :

-Курсагыңарды тойгозгон адамды мактай бересиңерби, мунун баары өкмөттүкү, элдин мүлкүн уурдап келип чачып атканын түшүнбөйсүңөрбү? – Азиз ич күйдү оюн ортого салды. Ошондо бет мандайындагы ичкилик ичкен топко кокусунан аралаша калган өзүнөн үч-төрт жаш улуу Арыкбай:

-Ой, акмак экенсиң! Элдикиби, өкмөттүкүбү эбин тапса жесин. Эбиң болсо эки эмес, үч жей турган заман азыр,

колуңдан келеби, жей бер! Дегеле сыпайысынып каласын да! – деди калжыңдап.

-Эй Аркыбай! Бекер арак болсо өлүүгө да даярсың. Сага окшогон алкаштар карынын тойгозгонун мактайт, - деди.

–Мен алкаш болуп калыптырмымбы сага! Азиздин жакасына асылды. Жанындагы теңтуштары экөөнү араң ажыратты. Арыкбай кайрадан ордуна отурду да, ачуусун кетиргендей оозун чормойтуп, стакандагы аракты ичти. Ууртунан ээгине куюлуп жерге тамчылап жатканын сезбеди.

Теңтуштарынын өтүнүчүнө ынабай Азиз топтон бөлүнүп кетти. Ачуусу бүткүл денесине тарап, ичкилик уудай башына тээп чыккансыды. Темир тордон ашып атасынын мүрзөсүн айдын жарыгында издеди. Чириген чырпыктары калган мүрзөгө келсе чөгүп кетиптир. Намыстанып аралай берип агасынын мүрзөсүн араң тапты. Сыр кеседеги апасы өстүргөн гүлдөр эбак солуптур. Ызаалуу өксүй ыйлап, үй тарапка жөнөдү. Азизди шылдыңдагандай мүрзө четиндеги каткырык,бошогон бөтөлкөлөрдүн «тырс» этип сынган үнү узаган сайын угулуп канын кайнатты.

Эмне үчүн атамды шундай даражага жеткире албадым? Атамын эмнеси кем эле? Согуштун майыбы болсо да бригадирлик кызмтты аткарып, пахтанын планын толтурам, элдин турмушу оңолоор бекен деп жүрүп өмүрү өттү, жок дегенде жетимиш жашка чыга албады. Мынабу мартабалуу абышкачы? Элди алдап күн кечирип жүрүп, сексенден ашып ааламдан өттү. Деги бул заманда, бул коомдо акыйкат барбы? Азиз ой түйүнүн чече албай балалык кезиндеги пахта кызуу терим мезгилинде ат тезегин кургатпай келип – кетип турган уполномочендерден башына камчы жеген аттай жалкып калган атасы Азизди сыртка коюп, беш убак намазды шаша-буша окуп алчу.

Атасы ыраматылыктын кара-тору арык жүзү көз алдына тартылды. «Уулум, эсиңди жый, шайтандын тилине кирбе, мага күмбөз тургуз дедим беле! Арбагымды сыйласаң чай ичсең да



мага багыштап куран оку», - деген үнү кулагына жаңырып, мүрзө тегерегиндеги каткырыкты думуктуруп салгансыды. Ата насааты бетине муздак суу сепкендей сергитти. Ошол түнү атасынын арбагына ант берип, ичкиликтен биротоло кутулду. Азиздин өткөн күндөрү кыялын серпип өттү. Анан агасы Бектурдун акыркы күндөрүн эсине түшүрдү.

Кыштын ызгаарын эскерткен, кеч күздүн ичиркенткен суугунда күүгүм аралаш агасы Бектур кирип келди. Анын өңү шапаайып арыктап, жүзү муңайым эле. Көрсө эски оорусу дагы кармап, окууга мүмкүнчүлүгү болбогон соң, тээ алыскы Москвадан келе бериптир. Күн өткөн сайын агасынын абалы начарлай берди. Ошол кайгылуу күнү эшикте күн бүркөлүп, асман түнөрүп турган.

Агасынын жүрөгү кысылып, ойдолоктоп, жандалбастап кыйналганынан тез жардам кабар берүү үчүн Азиз чуркап айылдык доктурга барган. Тез жадам менен врачтар келгиче агасынын жүрөгү эбак согуудан токтогон экен.

Азизге бүтүндөй аалам качкандай башы тегеренип, атасы менен апасынын боздоп ыйлаган үнүнөн башка эч нерсе угулбай дендароо болуп калган.

Эшикке атып чыкса, түнөргөн асман борошолоп жаап, айлана алай дүлөй... Ошол борошолоп жааган карга аралаш агасын мүрзөөгө коюшту. Кар бир жума токтобой жаап айлана додолонгон карга толду.

Азиз анан шашылбай көң аралашкан топуракты сыр кесеге салып, гүл уругун септи. Тирүүлүктүн парзынан кутулгандай түштөн кийин мүрзөдөн эл менен кошо үйүнө уулун ээрчитип кайтты.

# Өмүр тамчысы

«Өлбөгөн кулга жаз келди», - деди Доорбек. Сол колу менен операция болгон ичин мычкый кармап, терезеден сыртты карап күңгүрөндү. Чаба жааган жаз жамгыры тып-тып этип, терезенин айнегине тамат.

Доорбек тааныш шаарына муңайым карап, жолдон аркы терки тынымсыз кым – куут каттаган автоунааларга ойлуу тигиле «адам баласы тирүүлүктө дал ушулардай тыным албайбыз»- деди жадында. Анан өткөн күндөрүн көз алдына келтирди.

Анда политехникалык институтта окуучу. Жаңы жылды тосуу кечесине борбордогу түрдүү институттан жакшы окуган активист студенттер чакырылган. Ошолордун арсында Доорбек бар болчу. Музыка ойноп, студенттер кеченин шаңдуу өтүшүндө жаштыкка моокуму канбай, тынымсыз тажабай бийге түшүүдө. Доорбек танго бийи башталганда баятан бери түшпөй ойлуу четте турган кызды көргөн. Азыр туура ошого жөнөдү.

- Уруксатпы?! – деди.

Кыз чоң төгөрөк көздөрү менен бир азга жалжылдай карады да, ыргылжын болуп, анан экөө студенттердин арасына өтүп кетишкенин сезишпеди. Музыкага термелип, экөө жай гана айланып жүрдү. Улам чимирилген сайын Доорбектин кең көкүрөгүнө кыздын кооз көкүрөгү жээкке урулган көл толкунундай кээде тийгендей аны ансайын өзүнө тартып, «бий бүтпөсө экен» деп ичнен тилеп атты Доорбек. Музыка акырлаганда:

-Кайсы институтта окуйсуң? – деди Доорбек анын жүзүнө үңүлө тиктеп.

-Медтенмин, - деди кыз кыска жооп узатып.

-Таанышып алсак каршы эмессиңби? Политехниктенмин деди Доорбек сыймыктана.

Айсалкын ысымым, - деди карапайым айылдык кыздардай ысымын атады.



Кече таркаганда Доорбек Айсалкынды мединституттун жатаканасына дейре узатып барды. Ошол күндөн соң экөөнүн мамилеси жакшыра берди. Доорбек жаңы спектакль, же кино болсо сөзсүз Айсалкынга келип, аны зарыгып күтүп, ээрчитип бармайын кетчүү эмес.

Экөө тең Ош тараптык болгондуктан бири – бирин самалетко салып узатып, же сагынып күтүп алчу. Мезгил желдей сызып, акыркы курста Айсалкынга үйлөндү. Бүткөн соң өзү жашаган райондун борборундагы автобазага Доорбек ишке орношту. Доорбек жаратылышынан намыскөй эле. Ал мезгилдин бай байга, бай кудайга жетем деген учурда ишке аралашты. Айрыкча автобазада улуу инжинердик мансапка көтөрүлгөндө чөйрө аны куучирендике үндөп, зарыккан кызматкерлер, шаан – шөкөттөр башын тумандатып салды. Күнүмдүк кызыкчылыкка берилип, кичине нерсеге кыжырданып, сабырсызданып, өзүн башкалардан жогору сезди. Даңкка бой урду. Айылына да кем барып, жаңы салган үйүнүн кем-кетигин усталарга буюруп гана элдин жакшы- жаман иштерине, алардын терең катмарына арлаша берчү эмес.

Райондук ооруканадан чыгып, борборго келгенче агасыныкында бир жумача жатты. Ошондо күнү-түнү колхоздун ишинен колу бошобогон агасы кабатырланып, чоңойуп калган уул-кыздарын «акеңердин мазесин аласыңар» - деп үстүнө үстөкө-босток киргизе берчү эмес.

Элден айланса болот. Көпчүлүгү абалын сурап кетти. Айылдык тели – теңтуштары аялдары менен кошо тапкан тамагын көтөрүп келип турду.

Борборго жөнөөрдө аэропортко чейин агасы узатып барды. Муңайым жанында колтуктап жүргөн Айсалкын кылчактаганын байкап, үч жашар кызын колуна көтөрүп, тестиер баласын жанында кармап узатып атып:

-Кудайга аманат, иним доктурдан шыпаа болуп, сакайып кел. Айсалкын келиним, камтама болбо, сен келгенче балдарыңы жеңең экөөбүз сагынтпай багып турабыз, - деген

агасы. Ошондо Доорбек жупуну кийинген арык – чырай колхоздун ар кандай катуу ишинен кайра тартпай, жумшаса кете берген агасына көз жүгүрттү. Негедир боор тартып, көңүлү бошоп кетти. Иш деп жүрүп, беш – алты жылдан бери кара чечекей бир тууганы менен бетме – бет олтуруп, баарлашпаганына өзүн жектеп оор улутунду.

...Терезеге тамган жаз жамгырындай ачуу жаш көздөрүнө кылгырып, кирпиктеринен агып кетти. Доорбек алгачкы келген күнүн эстеди. Бир жумалык текшерүүдөн соң:

-Операция жасайбыз, ансыз айыкпайсыз, - деп кесе айтты, толмоч келген кызыл жүздүү врач жигит рентген сүрөттөрүн улам жарыкка карап, бирин ала бирин коюп, зирек кадала тиктеп.

-Эң акыркы ишенич сиздерге калды. Шыпаа тапсам болгону, операцияга макулмун, - Доорбектин муңайым каргылданган доошу аянычтуу чыкты.

Төрт саат созулган операция аяктаса да, жашоо али алдыда эле. Операциядан соң өткөн ар бир мүнөттөр Доорбек үчүн утук. Себеби анын курч оорудан алсыраган денеси өлүм менен күрөшүп атты. Аткан жарык таң өмүрдүн үмүт тамчысындай сезилет. Доорбек терезени тыкылдатып, дагы кайрадан чаба жааган жаз жамгырына ойлуу, тирүүлүккө чөлдгөгү көп күн суусуз калган адамдай чаңкап – аңкап суусады. Өмүр менен ден соолуктан башкасынын баары арзыбаган нерсе экенин эми түшүндү.

Жаз жамгыры жашоонун үмүтү тамчысындай терезеге тыкылдап таамп жатты кайра-кайра...



# Коогалуу түн

Түн бир оокум болсо да, шаар четиндеги кыштактын адамдары тынчсызданып, уйгу - туйгу эле. Эки жакка чуркап, кооптуу шаар тараптан келчү кан жолдо ары – бери чуркашат.

Элден оолак сылтый басып, чылымды улам түтөтүп, кыжаалаттана соро чеккен Кыяздын жанына иниси Азамат акырын барды да, кыйлага буулугуп сүйлөй албай, анан өз оюн ортого салды.

–Кыяз аке, «жаман айтпай жакшы жок» дегендей, мынчалык коога болуп калды, миш-миштен куралы да бар дейт. Уруш жакшы жаманды ылгабайт. Кокус бастырып келип калышса, сизди аямак беле. Биринчиден, бутунуз оору, экинчиден менин атама окшоп, бир атадан жалгыз туяксыз. Сиздер жашашыңыздар керек.- Бастырып келе жаткан жоодон коргоочудай деминде сүйлөдү Азамат.

–Ээ, үкөм, кам санаба. Мен бир согушту башынан кечирген адаммын. Афганистанда душмандар менен кармашта бутуман жараат алдым. Бирок, мен өз элимде минтип уруш чыгат деп ойлобопмун. «Өздөн чыккан жат жаман, өзөктөн чыккан өрт жаман» дегендей, минтип өз ара туугандар арасында уруш чыгат деп ким ойлоптур? -Кыяз соо бутуна салмагын салып.

-Кыяз аке, - деди Азамат адатынча чечкиндүү шыпылдап. – менин айтканыма көнүң, жан аке, мен сизге бая эле жарыкта жай дайардап койгомун. Тээтиги колхоздун гаражын көрдүңүзбү? Колун жаңсай көрсөттү. – ошондо темирканын эки бөлмөсү бар экен. Эшиги темир тордон, адам кире албайт. Аке суранам, өтүнөм, иниңиздин көңүлүн чөктүрбөңүз, - деди. Азаматтын үнү каргылданып, аянычтуу чыгып, көздөрү жашылданып кетти. Кыяз тунжурап ойлуу. Асманды ала булут каптап, буулуккан Кыяздай айлана үп болуп турат. Батыштан кээде ракетанын кызыл, жашыл жарыгы жарк деп өчөт. Булут менен алпурушкан ай нурун чачса, кээде булутка жашынып, айлананы ого бетер караңгылыкка чүмкөп, коогалуу түн сырдуу

да, сүрдүү да көрүнүп, жүрөк титиретип, ансайын коркунуч көпчүлүктүн үшүн алат.

Кыяз ойдон ойгонуп, чөнтөгүн чукулап, чылым алды да акыркысын күйгүзүп, кабын мыжыга жерге таштап, боргулданта түтүнүн абага айдап, апсыга соруп – соруп, анан сөз учугун улады.

-Эй, иним, камтама болбо, уруш чоң согушка айланып кетпейт. Себеби мамалекет менен мамлекеттин арасында көптөгөн мезгилди камтыган экономикалык, саясий карама-каршылык болуш керек. А бул болсо эки улутту тукурган кээ бир жолбун иттердин же өзүбүздүн тойгон иттерибиздин кылганы. Алар азыр эки улутту кайраштырып коюп, өздөрү бийкке чыгып, астыртан аңдып, ыракатка батып олтурушат. Азыр аларга пенденин алы жетпесе да, убагы келгенде андай ыймансыздарды кудай өзү жазалайт. – деди Кыяз. Өчүп калган чылымын биреөлөргө кыжырлангандай алыс ыргытты.

-Баары бир сизди сакташ менин инилик парзым, аке. – Азамат ансайын өжөрлөнүп, өз сөзүнөн кайтпады.

-Ыракмат, ыраазымын. Атаң экөөбүздөн кам санаба. Ал өткөн улуу согуштун майыбы, а мен болсо, бөтөн элди коргош үчүн майып болдум. Ырасында биз жигиттик карызыбызды аткарган инсанбыз. Бирок сен да өзүңдү ойло. Чоң районго төбөң көрүнүп калды эми гана уул- кызды тарбиялап эл үчүн эмгектенчү кезиң. Бешенеге жазганын көрөбүз. Элден бөлүнүп кара жанымды ала качалбайм. Сага жүрөгүмдөн ыраазымын. Ылайым эле элибизде сендей боорукер, элин, улутун сүйгөн атуулдар көбөйө берсин, - деди да, Кыяз орто бойлуу толмоч инисинин далысына колун коюп сүйөнүп, «адам башына иш түшкөндө бааланат тура» - деп дилинде күңгүрөндү.

Асмандагы булуттар тарап, улам учкан жылдыздар суюлуп, чолпон жылдыз көрүндү. Чыгыштан таң агарып, салкын жел жүрдү. Коогалуу түн тынч өттү.



## Сур эчкинин каргышы

«Көкөй кести» күүсүнүн муңдуу үнү жүрөк кылдарындай дирилдеп, кайрыктары адамдын рухий дүйнөсүн бошотуп, байыркы доордогу кайгылуу дастанды табышмактантып, адам баласынын эсине салгансыйт. Жайлоонун толгон кези. Тоо чокусундагы көк көөдөгө тойгон сур эчкинин улагы чунаңдап эки жакка секирет. Башынан көп каргашалуу күндөрдү өткөзгөн сур эчки эки тарапты элеңдеп, этияттана аяр тынчсызданат. Жүрөгү жаңы түшкөн аппак кардай наристе улак энесине эркелей жанына келди.

-Оо, Садага кетейин, карыганда көргөн кенже туягым, сени жаман көздөн, кырсыктан кудайым сактаса экен. Жараткандан, жер энеден, теңир тоодон мен башка эч нерсе тилебейт элем. Сен гана артымда калсаң болду. - Сур эчкинин көздөрүнөн аянычтын, суранычтын жашы тамып кетти. Баланын жүрөгү кантип сезсин. Ал дагы чунаңдап сүткө тойгон соң энесинен алыстап, таштан-ташка секирип ойноп жүрдү капарсыз.

Алгачкы тоо коңулунан сүрдүү ырайымсыз кара мылтыктын үңүрөйгөн каргашалуу оозу көрүндү. Сур эчкинин жүрөгү жамандыкты сезгендей зырп этти. Абайлай улагын издеди. Ал кыйла узап кеткен эле. Сур эчки акыркы күчүн жыйнап, адам баласына, мергенчи Кожожашка карт эмчегин зыркыратып, кайрылды:

-Оо, кагылайын Кожожаш мерген, эмне тилесең, баарын Кудай таалам берсин, тукумуң көгөрсүн, сенден акыркы суранарым, улагымды атпачы. Айланайын Кожоке, суранам, бутуңа жыгылам, эмне десең баарына көнөйүн бирок улагымды атпа. Сур эчкинин үнү каргылданып, ичинен күйүп тышка чыкпагандай быкшып, каргылданып чыкты.

Кожожаш тоо башында дөөдөй бийик көрүнүп, шылдыңдай күлүмсүрөдү:

–Ха, ха, ха! Сур эчки, эх, сен адам баласын дале биле элек турбайсыңбы? Биз өз максатыбыз үчүн, өз керт башыбыздын кызыкчылыгы үчүн эч нерседен кайра тартпайбыз. Себеби адамдар намыскөйбүз, көбүбүз куру намыскөйбүз. Бирөөгө убада берип, аны аткарууга аракеттенебиз. Ошон үчүн көр пендебиз. Мен бүгүн ууга чыгаарда уулума убада бергемин. Мергенчиликтен куру кол кайтпайм деп. Менде да намыс бар, аткарышым керек. Баланын алдында жер карап калбайын дейм.

Кожожаш мылтыгын бейкапар оттоп жүргөн сур эчкинин улагын көздөй бурду. Сур эчкинин тоо жаңырткан ачуу кыйкырыгын мылтыктын үнү басып кетти. Бейкапар жаткан наристеге кокусунан ок жаңылып, анын каны жылжып арча бешикке тамгандай, ап – аппак улактын башынан аккан кан чубуруп, аппак денесин кызылга боеду.

Сур эчки алдастап кыйлага нес болуп турду да анан баласын сүйрөп бараткан Кожожашты элес көрдү. Бүтүндөй айбандык жалаа менен катуу каргады:

-Оо, кудурети күчтүү кудай! О, жараткан! О, кагылайын жер эне! Оо, көк асман! Мына бүгүн мен силерге сыйынып келдим. Силерге ыйым жетет деп, тоонун чокусуна чыктым. Ылайым жан-жаныбардан, мага окшогону болбосун, бул ааламда Кожожаштын жүргөн жери зоо блсун! Ошол зоодон ылдый түшө албай асылып калсын, Ата-энеси, катын-баласы, эли журту куткара албай, мага окшоп зарлап калсын.

Карт сур эчки баласынан айрылган causes энени кошогундай Муңдуу ыйлап, күңгүрөнүп, желининен аккан кан аралаш сүтүн тамчылатып, белгисиз тарапка аксап баратты. Заматта ачык асман түнөрүп, чагылган оту жаркылдап, дүйнөнү эки бөлчүдөй кызыл из салды. Добул болуп кыян жүрдү. Жер титиреп, аскадан таш кулап, Кожожаш бараткан тоо типтик найзанын учундай жалама зоого айланып, Кожожаш шуңкуйган зоодо найза учуна сайылган жаралуу жоокердей асылып калды. Мылтыгы колдон ыргып, быт-чыты чыгып майдаланды. Айласы куруган Кожожаш:



-Оо, жараткан, мендей каргыш тийген пендең мындан ары болбосун. Бардык доордун менден кийинки урпактарына сабак болоюн. Алар менден үлгү албасын, Оо, пенделерим, силерден өтүнүп суранарым, эч качан мага окшоп ташбоорлукка, ыймансыздыкка барбагыла! Кудайтаалам биз үчүн жаратып койгон, жан-жаныбарларына, токойлоруна, деңиздерине, көлдөрүнө деги эле жаратылышка кыянаттык кылбагыла! Бул дүйнөдө эненин каргышына калган адамзаттын акыркысы мен гана болоюн. Эненин каргышы ак сүтүн берген өз энебиздин каргышы экенин унутпайлы, адамзат!

Кожожаш мергендин мертинген кайгылуу окуясын ар бир инсанга эскертүү бергендей жүлүн сыздаткан «Карагул ботом» дастанын муңдуу обону, ботосунан айрылган ингендей боздойт...

# Бир шингил жүзүм

-Пахта терген жадатты. Колго илинер косеги жок. Качан окуу ачылат десең? Былтыр кар жааганда мектепке барганбыз,- деди Сардар кызарып, сотосу көрүнгөн козо паяларды өкүнүчтүү тиктеп, астыга баса курбуларынын жанына кейине отурду.

-Эй, балдар! Каскадёр келетат, - дешти классташтары.

-Эки жакты карап коелучу, Жото агай көрсө урушат, деди Сардар. Жото агай таразага тартарда келет, - деди кебелбеген Кадыр.

Ангыча студент агасынын кепкасын башынын бир жагына кыйшайта кийген, ак жүздүү, орто бойлуу, арык – чырай, бүтүрүүчү класстагы Арун – каскадёр белине ак этегин курчанып, кыңылдап ырдап чогулуп тербей зериккен жогороку класстын тандалган окуучуларына жете келди.

-Салам балдар? Косек үзөлүбү, же бир аз көңүл ачалыбы? деди Арун.

-Көңүл ачалы, - чурулдашты окуучулар. Арун ойлонуп калды. Бүгүн да кандай шумдук оюн баштаар экен дегендей кызыга караштьі. Ал адатынча дароо эле:

- Тээ тиги бедепаядагы гарамды (скиртти) көрдүңөрбү?

-Ооба. Баары ошол тарапка караштьі.

-Ошого чыгып жанаша гарамга секирип өтөм, - деди Арун.

- Ихтиандардай окшопбу? – Бирөөсү «адам амфибия» кино фильминдеги баш каармандын атын шилекейин чыгарып, толкундана атады.

-Дал Ихтиандай секирем!

- Оолуга бересиңби, - деди Сардар ээрчиген балдардын артында келе жатып кычып.

Пахта аянтынан өтүшүп, бедепаянын четинде катар узатасынан жанаша кургатылып төрт бурчтуу бийик жыйылган бедени түбүнө топурашкан балдар дүрбөп жетип барышты.



Ангыча Арун даракка асылган маймылдай чөпкө жармашып, жадында коркунучтуу роль аткарган актердой өжөрлүк менен заматта көтөрүлүп, скирттин башына чыкты да, ары-бери чуркады, аны көрүп косек үзүп жүрүшкөн кыздар да скирттин жанына дарды көрүүчү тамашакөйлөрдөй чогулушту.

-Секирем! – үн катты каскадер.

-Секире албайсың! Ала-ла , күла-ла! Дешти төбөнү акмалашкан балдар.

-Секирем! – ишенимдүү айтты Арун, ары жакка өтүү айбаттуу көрүнсө да.

-Секирип өтсөң, чыныгы каскадёрсуң, секире албасаң кыстекесиң туурабы? – деди класташы Сардар, бир жагы күүлөп секире албай калса экен деп ичтен кымындап.

Арун төмөн карады. Үйүлүп жардана карагандарга көз салды. Окуучулардын арасында өзүнөн бир класс кийин окуган мейман кыз да таңданып өйдөнү жалооруй карап, коркконунан калтырайт. Ошол учурда экөөнүн көз оттору чагылышып, эрдикке үндөгөн шык сезими, көөдөнүн ээледи. Чурулдап шаштыргандарга бир карап коюп, эки скирттин аралыгын көз ирмемде ченеп, өзү чыккан ак чөптүн үстү менен арт жакка чуркады. Баары ичинен дем алып, дымып калышты. Арун скирттин бир учунан чуркап келатканда кинодогу каскадерлордой элестетип бийик секирди.

Айлана бир азга тым-тырс болгондой көпчүлүгү жанаша скиртке учуп өткөндөй сезилген абадагы Арундан көзүн алышпады. Кээ бир кыздардай мейман кыз Гүлбүнүн жүрөгү да опколжуп, жүзү кубарып, көзүн жумуп жиберди.

Ызылдашып, кол чапкылаганда төбөнү карады. Чөптүн чекесине жабышып, ыкчам үстүнө чыккан Арундун кубанып кол булгаганы карегине кадалды. Дүкүлдөгөн жүрөгү бара-бара басаңдап ичинен сүйүнүп, билинбеген сыймык асмандын четине ыргып түшкөн учкундай, көкүрөгүн ээлеп жылытты.

Каскадер Арун чоң ийгиликке жетип, чөптөн этият жылмышып жерге түштү да, үйүлүп талашып-тартышып

атышкан окуучуларды карап, намыска жарап, байге алган эр жигиттей бутунун ооруганын билгизбей, кадамын кере таштап башын оң тарабына кыйшайтып күлүмсүрөп келди.

–Өзгөчө ажайып номур көрсөтүп, эми анык каскадёр болдуң,-деди жалпак мурунун тердеген сары бала утурлай жалпаңдап. Кеч күздүн күчсүз нуру кызгылтым боегун ааламга чачыратып, күн уясына батты. Пахта талаасынын четиндеги чаңдуу жолдо бир-экиден болуп окуучулар келатышты. Арун классташтары менен баарлашып, Гүлбү экөө сүйлөшө албаса да, бирин бири астыртан тиктешип, айрыкча сырдуу жылмаят. Үйлөрүнө жетип короосуна кирерде бурулуп калган Гүлбүгө:

- Кечинде огороддун четиндеги бакка чыга аласыңбы?-деди Арун. Үнү өтүнгөндөй чыкты Гүлбү күлүмсүрөп башын ийкегилеп макулдугун билдирди. Үйдүн жарыгынан Гүлбүнүн караанын көрүнөр бекен деп бак четиндеги арыкка олтура калып, кайра туруп, пальтосунун жакасын жогору көтөрүп түшүрүп Арундун тынчы кетти. Бир оокумда ак кагазга оролгон бир нерсени көтөрүп, артын жал-жал карап Гүлбү шашып келди. Ал үстүнө жаңы кара куфейкени желбегей жамынып алыптыр. Эмнегедир саамай чачтары көзүнүн үстүндө тармалданып, төгөрөрөк кара көздөрү чочулагандай көрүнгөнү менен жодурап ансайын Арунга сулуу да көрүндү.

–Арун, жездем досунун үйүнө кеткиче келалбадым. Ал өтө кызганчаак эмеспи, - деди шыбырай. Анан жанаша арык четинде олтурушту. Гүлбү кагазды ачып, атайын үзүп келген шингил жүзүмдү ортого койду. Экөө бир четтен үзүп түгөтөрдө, Арун бир шингил жүзүмдү өйдө көтөрдү да:

-Гүлбү ары четинен түгөтсүн, мен бир жагынан, кимибиз көп жээр экенбиз,-деди. Туптунук ак усейин жүзүмдүн шингилин Гүлбүнүн эрдине жакындатты. Аны аппак, тегиз тиштери жаркырап, күлүмсүрөй ырахаттана бир шингил жүзүмдүн биреөсүн чала тиштегенде, Арун эпчилдик менен шарт этип тартып алып, анын кыпкызыл бетинин ортосунан «чоп» эткизип өөп алды. Гүлбүнүн жүзү ансайын анардай



албырып, күтүүсүз Арундун кылыгына наразы болуп, жер караган калыбында үйдү көздөй шашып жөнөдү. Айлуу түндө карааны элес-булас көрүнүп, заматта жоголду.

Арун бир шингил жүзүмдү кармаган калыбында өзүнүн олдоксон кыялына өкүнүп, оозунда даамы калган жүзүмдүн ширесиндей таттуу нерсе кумардантты, тамшантып кайрадан өтө самап, ичи өрт алгандай тызылдап, эки үйдүн ортосунан кете албай шалдайды. Көп өтпөй окуу ачылып, окуучулар мектепке барышты. Арун ар бир он беш мүнөттүк дем алышта кууш коридордо жанаша жайгашкан сыртына бор менен 9-класс деген кааннаны акмалай карачу болду. Баягы, кечинде таарынып кеткенден бери Гүлбү эмнегедир Арундун жанынан жер карап, кыздарга далдоолонуп шашып өтөт. Кээде сүйлөбөй суз гана карап койгондо ичи өрттөнүп, эмнегедир клаассташтарынан кызганып тез-тез көрүүнү самап, эптеп шылтоо издеп сүйлөшкүсү, ичи күптү ойлорун ортого салгысы келет. Бирок Гүлбү экөөнүн мамилеси мурункудай ынак болуп кетпеди. Тике карап тартынбай сөз айтчу Арун бетме-бет кезиге калганда кайраты качып, жүрөгүндөгү бүдөмүк сезимин айталбады. Убакыт зымырап өттү.

Демейдегидей биринчи сааттын бүтүшүн чыдамсыздык менен кыйналып күткөндө, коңгуроо кагылды. Агайынын соңунан Арун шаша чыгып, жанаша классты карады. Дайыма олтурчу партада Гүлбү көрүнбөдү класс аңгырай түшкөндөй жүрөгү туйлады. Дайыма бирге жүргөн классташы Алимадан:

-Гүлбү келбедиби?- деп шаша сурады. -Жок өзүнүн үйүнө бир жолу кетет экен. Сага айтпадыбы, коңшу жашайсыңарго? - деп сырдуу тиктеп класс жакка басты. Арунду биреө капыстан кулак түпкө уруп жибергендей кыйлага дендароо болуп, анан шашып сумкасын алып сыртка жүгүрүп чыкты. Топурап, класс-классына кирип келаткан окуучулардын арасынан аралап өттү дымын чыгарбай таштап үйү тарапка зымырады. Гүлбүнүн жездесинин үйүнө жеткенде буйдалып, кире албай кыйладан соң

короого баш бакты. Гүлбүнүн эжеси Аширбү очокко от жагып жатыптыр.

–Жеңе, Гүлбү мектепке барбай дем алдыбы»?-деди Арун. Мүмкүн кете электир деген ой менен. Эжеси эми көргөндөй баштан аяк бир сыйра көз жиберип, анан:

-Атамдар жайлоодон биротоло келишиптир, эми жылкы бакпайт экен. Кечинде апам келип, Гүлбү экөөнү жездеси машинага салганы жолго узатып кетти.,-деди.

Арун үн катпай көңүлсүз дароо артына кайтты да, өзүнүн үйүнүн сөрүсүнө сумкасын ыргытты. Көчө менен өйдө карай эки чакырымдай алыстагы шаар тарапка кетчү түрдүү автоунаалар каттоочу кан жолду карай зымырады. Өзүнөн мурун жүрөгү алып учуп жолугуп калууга ынтызырланып шашат. Айылдан алыстап кеткен соң эки тарапка көз жиберип, жол четиндеги жалгыз түп дарактын түбүнө корголоду. «Жетип барган менен сүйлөшө алабы? Мүнөзү корс жездеси кайненесинин көзүнчө эмне дейт?» ушуларды жадында ойлоп, ара жолдо калып, андан ары басыгын узартпады.

Аңгыча жогору тараптан үч-төрт кишилер менен сүйлөшүп келаткан Гүлбүнүн жездесин көрдү. Ал жалгыз өйдө тарапты сабыры суз утуру-утуру карап коюп отурган Арунга:

-Бирө келеби?-деди. Оор жүктү көтөрүү үчүн ар дайым Арун сыяктуу эпчил балдар ата-энесин, тууган-уруктарын күтүп алчу.

-Жок, жайынча эле, -Маанайы пас Арундун үнү каргылдана чыкты.

-Кетпейлиби?

-Шашпай барам. – Арун жалгыздыкты самады. Гүлбүнүн кеткенин канча аракеттенсе да буулугуп сурай албады.

Сокмок жолдо жүргүнчүлөргө кошулуп, улам алыстаган Гүлбүнүн жездесин узатып Арун калды.

Эшекке тике туруп бастыруу, дарактын шагынан асылып өтүү, үйдүн чатырынан парашют менен түштүм деп үйүлгөн кардын үстүнө секиргенде, чогуу өскөн балдары «каскадёр» деп



ат коюп коюшканда мурдун көтөрүп калчу убактары тээ артта калып, ушул сааттарда Арун үчүн балалык кезиндеги, учма куру кыял экенин эми туюп, баары кызыксыздай сезилди. Кайрадан Гүлбүнүн жоодураган көздөрү, анын бир жыл ичинде коңшу үйдө ары-бери баскан сүйкүмдүү караанын көз алдына тартылды.

Айрыкча ошол кезиккен түнкү жүзүмдүн даамындай таттуу белгисиз нерсе бүткүл сезимин бийлеп, кусалык жүрөгүн эзди. Кайталангыс баягы таттуу бир шиңгил жүзүмдү эңседи...

# Кечиккен жолугушуу

Сабалап жааган сары жалбырактарды ойлуу караган Айдар: «Мына кайрадан күз келди» - деп ичинен терең улутунду.

-Бизди дале күтүп турабы?- деди Гүлшекер дарактын кабыктарын аягандай сылагылап.

-Күтүүдөн тажабадык сени. – Тамашалай сумсая жылмайды Айдар.

-Баарына түшүнөм. Канаты кыркылган көгүчкөндөй колуңа коно албадым. Гүлшекердин ак жүзү өкүнүчтөн муңайып көрүндү.

-Тагдыр сени башкага буйруган соң, түптөлгөн турмушуңду бузгум келбеди.

-Сен аксың, Айдар. Баарына өзүм күнөөлүмүн. Мени алып кете турган ошол кечте убадама бек турууга эрким жетпеди. Ошол үчүн өмүр бою өзүмдү жектейм, - Гүлшекердин үнү дирилдеп аянычтуу чыкты.

- Гүлшекер! Жүрөктү эзип, ал түндөрдү эстетпечи. Анда ай жарык эле ушундай жүзүбүздү жүзүбүзгө тийгизгенде айдын нурлары наристенин ууз жытындай сезимдерибизди тазартчу. Ошондо дүйнөнүн ырахаты, жашоонун кумары сенде экенин адамдык ыйык туюм менен сезгем. Бүркөлгөн кара булуттан кийинки катуу жааган жамгырдай армандуу ырын шолоктоп, ый аралаш ырдагандай сезилди Гүлшекерге.

Даракка олтуруп чөлдөгү чаңкаган адам кокустан булакка жолугуп, чаңкоосу канбай апсыга-апсыга жукандай бир убактагы сыйкырдуу, муңдуу обонду кайрадан муюп укту, «бүтпөсө экен» деп дилинде тилеп жатты жаратккандан.

-Өткөндүн муңдуу обонун созбочу, жүрөгүмдүн эски дартын козгоп, - деди Гүлшекер жалооруй жалбара.

Ошондо Айдар сейрек ак түшкөн самай чачтарынан эркелете сылады.

-Эсиңе кел, Айдар! Эми эч ким кечирбейт бизди. Ак сүйүүбүздү кудай алдында да, пенде алдында да ылайлабайлы.



Алгачкы махабатыбыз зоо башындагы жайы-кышын соолубаган эделвейс гүлүндөй жайнап, суктанып колун созуп, көзүн артып, аваз кылып жете албаган сүйүүнүн арманы болсун. Улгайунун астанасында турганыбызды унутпайлы. – Гүлшекер Айдардын кучагынан бошонуп, мостойуп жер карады.

-Кечир мени, Гүлшекер. Неберелүү болгондо шайтан азгырды. –Айдар оңтойсузданып кыянат кылардагы адам кайрадан эс учун жыйнагандай ичинен армандуу улутунду.

Карегиндеги тамчы жашын жашырып ачуулуу үн чыгарбай ыйлаган Гүлшекер улам бактан узады. Таяк менен бирөө өчөшүп ургандай дарактардын сары жалбырактары күздүн ичиркентбеген шамалына күбүлүп,бетке чаба жааган бороондой жерге сапырылып түшөт.

Жүзүнө тийип, тулку туюмун ооруткан жалбыракты ойлуу тиктеп, карт дарактын түбүндө жөлөнүп, Айдар Гүлшекердин караанын үзүлгөнчө эстеликтей катып турду.

# Ыймандуулуктун көз ирмем өмүрү
(даректүү көркөм баян)

Бир күнү шумдуктуу бир окуя болот. Мухаммед Алей салам эмчектеши экөө козу-улак кайтарышчу экен. Күндөрдүн биринде Мухаммед алей саламдын эмчектеши Халимага(баккан энеси) чуркап келип, эки ак кийимчен адам Мухаммедди жыгып, көкүрөгүн жарып салгандыгын айтат. Коркуп кеткен Халима күйөөсү экөө жүгүрүп келишсе, баланын өңү кубарып, коркуп турган экен.Көөдөнүндө чын эле тилип жаргандай из калган. Эмне болгондугун сурашса, бала: ак кийимчен эки адам келип,көкүрөгүмдү жарып,жүрөгүмдү сууруп чыгып, андагы кара канды бүт агызып салды да,кавсар суу менен тазалап жууду. Анан:» Мына эми сага шайтан жолой албайт», деп, кайра ордуна салып, тигип койушту деп жооп берет. Ошол кезде Мухаммед алей салам төрт жашта эле.

***

Кеч күз. Адис шыпаакандан даарыланып чыккан. Агасы Бектен институтта студент эле. Аталаш агасы Асамидин үйүнө меймандыкка чакырган. Ошондо Асамидин агасынын үчүнчү уулу бир жашар болчу. Анын болпойгон толмоч, назик жүзү, адамга мээримдүү карачу. Бектен акеси көтөрүп, алдына алып отурганда, башын далысына кыйшайтып, улам-улам көкүрөгүнө башын жөлөй берди. Наристе бала өтө сүйкүмдүү көрүнүп, талпынган сайын баарына бой таштап эмнегедир жагымдуу элес калтырат. Жаратылышынан адам затка өтө эле жакындай сезилет. Агасы, жеңеси колдон келишинче сыйлап, түндүн бир оокумуна чейин, маектешип кайтышты. Бектен акеси да Асамидин агасын өтө жактырат эле. Себеби атасын өз бир тууган агасындай көрчү. Устатындай тарбиясын алып, насааттарын угуп, ачуу, сын сөздөрүнө терикпей кайра жаштык-мастыкта кетирген кемчилдигин мойнуна алып кечирим сурачу.

Кеч күздүн кара суугу кыштын келатканын эскерткендей калтырата ичиркентип жиберет. Жүрөктү жылыткан туугандык



мамиле ызгаар суукту кайдадыр алыстарга айдагандай туйулат. Адистин көз алдына байагы агасынын уулунун жагымдуу боор тарткан элеси кайрадан көз алдына тартылат.

-Агабыздын бул баласы өтө эле жылдыздуу экен. Кудай суук көздөрдөн сактасын. Келечекте андан эч ким ойлобогон касиеттүү жараткан назар сала тургандай сезилди мага деди. Бектен ойлуу, самактуу караңгыда муңдуу сүйлөп.

–Сиз үчүн математик чыгыш керек. Мүдөө максатыңыз эмеспи деди, акесинин ички ойун алдын ала билип алгандай өзүн көрсөткүсү келди, Адис.

–Туура, тууган-уруктун уул-кыздарынан илим-билимдүү, тарбиялуу, айрыкча математика илимине кызыккандар чыкса төбөмө көтөргүм келет. Бирок агабыздын уулунан азыр эч кимдин ойуна келбеген, Жаратканга өтө жакындаган жолго түшүп бараткан адамдай сезилип кетти мага. Баарын алдын ала билгидей олуя эмесмин. Кудай жараткан кам сүт эмген күнөөкөр пендемин. Аны бизди ааламды жараткан, жалгыз кудай билет.» -деди, агасы сөзүн бүтүрүп. Табышмактуу ойлор менен үйүнө келишкенин билбей да калышты. Ошол наристе Асамидин агасынын үчүнчү уулу Абдижалил эле.

***

Эгемендүү мамлекет болгондон кийин элдин турмушу дароо оңолуп кетпеди. Жашоо үчүн ар ким өз арабасын тартууга аракеттенди.Жалпы республикада чоң-чоң келечектүү курулуштар биротоло токтоп калган болчу. Абдижалилдин кесиби инженер куруучу болгондугуна байланыштуу иш издеп үй-бүлөөсү менен борбор шаарга көчүп кеген. Ата-эне, агаларынын жардамы аркылуу чакан контейнер сатып алып, аялы экөө соода сатык менен күн кечирип жүрүштү. Абдижалил беш убак намаз окуп, бош болгондо хадистерди, курани-каримди кайталап окуган сайын ички рухий дүйнөсү күн өткөн сайын арууланып, Жаратканга жакындашууга аракеттенип бараткан. Эрте менен кадимкидей жубайы Анар экөө базарга келсе, эл топтолуп, өрт өчүргүчтөр кантейнердин кулпун бузуп,

күйгөн товарларды өчүрүптүр.Орто жаштагы аскер кийимчен киши келип:

–Контейнердин ээси сизби? – деди. Колундагы сумкасынан баракчаны сууруп.-«Ооба, Абдижалилдин кара тору жүзү мунайып жооп берди.

-Өрт ички электр зымдарынан чыккандыктан сиздин товарларыңыз өрттөнүп, коңшуларыңызга зыян келтирген эмес,- деди өрт өчүргүчтүн инспектору. Абдижалилдин ойуна бир нерсе келип, дароо өрттөнгөн товарларды аралап өтүп, этияттап орогон куран китебин издеди. Таң калды. Теңи күйгөн көйнөктүн түбүндө ыйык китептин барактары таптаза экен. Абдижалилдин мунайым жүзүнө сүйүнүчтүн жүрөк толкуткан кубанычтын нуру чачырады. Китепти этияттап маңдайына тийгизди да,топурап топтолгон соодагерлерге, базарчыларга карап:

–Калайык калк! Менин товарларымдын күлгө айланганына баарыңар күбө болдуңар! Бирок ааламды, бизди жараткан Аллаанын ыйык сөздөрү жазылган курани-карим китеби сакталып калыптыр. Мына жаратканын бар экендигине, улуу экендигине сырдуу далил бул. Товарларымдын күйүп кеткенине кайгырбаймын, бул мен үчүн жаратканын сыноосу. "-деди да, жубайы экөө топураган топтон сууруллуп чыгып, эч нерсе сезбегендей, болбогондой базардан узашты. Ошондон соң соода ишине аралашпады. Көп өтпөй менчик курулуш фирмасына кесиби боюнча иштеп калды. Ошол окуядан соң Абдижалил жаратканга жакын болууга жол издеп максат койуп, шар аккан дарыянын каршысына сүзгөндөй лп урушупт, башкаларды да жакындаштырууга дити менен берилип, даабатка өттү.

Фирмада негизи буйрутма аркылуу куруучуларды түрдүү өкмөттүн же жеке менчик үйлөрдү салуу эле. Кыш түшөр мене негизги курулуштар убактылуу токтоп калчу. Борбордогу дин башкармасынан уруксат алып, динге бериле баштаган, бирге иштеген жаштарды ээрчитип, даабатка чыкчуу болду



Абдижалил. Баардык каражатын өзүнүн эсебинен төлөп, жол камылгасын көрүшүп, алыскы тоолуу районго жол алышты.

Кыштын ызгаары күчөп, сууктун күч алган кези эле. Тоо тарапта. Айлананы ак кар басып турса да кышында ажайып жаратылышыбыз көрктүү көрүнөт. Абдижалилдер бешөө эле. Шаардын четиндеги кыштактарды аралап , даабат кылып бүтүшкөн соң башка кыштактарга бармак болушту. Тоонун ары жагындагы чоң айыл бар экенин угушуп, барууга чечим чыгарышты. Жолдо жолуккан бир бейтааныш жигиттен кантип өтөрүн сурашты. Ал:

–Эгер машина жолго салсаңар отуз чакырымча басып өтүшүңөр керек, чакан белди көрсөтүп:

–Мобу бийиктен өтсөңөр үч-төрт чакырым жол бассаңар жетесиңер. Бирок кышта эч ким өтпөйт го. Жайында аттуу кыр бойлоп өтүшөт, байкелер жол өтө татаал- деди. Баарына бир сыйра тандана көз жиберип, басып кетти. Бир аз талаш-тартышуудан кийин. Абдижалил:

–Биз Алланын жолуна үндөгөн момун мусулманбыз, пешенебизге жазганын көрөбүз. Кудайдан астайдил чын дилибизден тилейли. Кар калың эмес экен,кудаа кааласа өтүп кетебиз - деди чечкиндүү. Кошо жүргөндөр бир азга ыргалжың болушуп,жол баштаган Абдижалилдин артынан жүктөрүн көтөрүшүп,чыйыр салышып жөнөштү. Өйдөлөгөн сайын ызгаар суук беттен урат. Терлеп-тепчип өргө чыгаарда, кандайдыр борошо аралаш шамал жүрүп, даабатчыларды артынан түрткөндөй жеңил жол улап, борошо улам катуулап жогору тарапка шаштырып, бир белгисиз күч дем бергендей заматта кырга чыгышып, белден өтүп кеткенин сезбей калышты. Тоңголок кар үстүнө сыйгаланып, ылдый тарапка оңой эле түшүп барышты. Заматта борошо аралаш шамал токтоп алдыңкы тарап даана көрүндү. Тоо түбүндө жайлашкан үйлөрдөн бирин-экин адамдар чыгып турушуптур. Алар буларды тандана карап алышты. Даабатчылар аяз атадай бүтүн турпатын чулгаган аппак карды кийимдеринен күүп салышты.

Алдыраакта басып келген тебетейин баса кийген тончон аксакал:

–О жигиттер, асмандан түштүңөрбү. Акетай, бул тарaптан аттуу адам гана араң өтчү деги силер кимсиңер?- деди. Карларын кагып-силкип бүтүшкөн даабатчыларга таңдана карады. Ошондо суукка чымыраган жүзүнө жылмайуу аралап:

–Байаке, биз кудай таала дилибизге салган даабатчыларбыз же кудайдын парздарына чакырган адамдарбыз, мүмкүнчүлүк болсо бул айылда чакан мечит бар экен деп уктук, ошону табууга жардамдашып койсоңуз - деди Абдижалил. Байагы карыянын небересин ээрчитип алып, айылдын так ортосунда жайгашкан мечитке келишип, жайланышышты.

Намазга артыкча жаш балдар, жаштар көбүрөөк келет экен. Эртеси айыл аралап даабатка чыгышты. Жергиликтүү имам эки намазкөй балдарды кошуп берди. Эрикпей ар бир үйгө кирип, беш убак намазды мечитке жаамат менен окууга үндөштү. Ошондо айылдагы бир үйдөн жетимиштен ашкан, башында жапып шляпасы бар сакал-мойлобун тасырайта алган карыя чыгып, кайдан келгенин, эмне иш жасаарын, зерикпей сурап:

–Жигиттер борбордон жүздөгн чакырым жол басып, намаз окугула деп агитация жүргүзгөнүңөргө түшүбөдүм, ызгаардуу кышта. Мен союздун даамын татып коммунистик идеяга астейдил берилген, көп жылдар чарбада парткомдун секратары болгон эски партократмын. Бул заманыңар мага жакпады. Айланып кетейин, советтик доордо баары жайында эле. Коопсуз элек. Бизди ички-тышкы душмандардан ички иштер, армия коргойт болчу. Иним сага окшогон жаратканга ишен парздарын аткар – деген үгүтчүлөр көбөйдү» -деди, аксакал жактырбай кабагын түйүп. Даабатчыларүн кошулшпай угушту. Абдижалил аксакалга карап, сөз учугун чубады:

–Сиз айткандын баары туура экенине ынанабыз. Биз да ошол замандын перзенттерибиз. Бирок бир нерсени эске



тутушубуз керек. Сиз, биз биригип, коммунизмди курабыз деген коом жетимиш жыл араан жашады. Ал доордо билим алдык, тарбияландык, бирок, пенделердин аң сезиминде бүткүл ааламды, жан-жаныбарларды адамзатты жараткан улуу затты унутуп калдык. Жаратқандан коркпой жеке адамга сыйындык. Ар кандай коомду, адам эмес жараткан өзү өзгөртөт. Ошону унутуп, кудайсыз доорго баарыбыз калыптанып калган элек. Бул аалам убактынча экенин билбегендиктен жаратканга ишенбеген коом өзүнөн өзү кулап калды. Ошого ой-жүгүрткөн жоксузбу, өмүр бойу эл башкарып, чарбаны жетектеп жүрүп - деди. Абдижалил жай түшүндүрө, бүткүл дили менен эмнегедир көңүлү жайлана сазга баткан адамды колунан тартып, куткарып алчудай маанай жаркырап, көңүлү көтөрүңкү көрүндү. Байагы аксакал кыйлага таңдана угуп, мындай жүйөөлүү, курч жүрөккө жете түшкөн сөздү уга элек эле. Дин мусурманчылык жөнүндө айрыкча айылдабы же башка жердеги тазиялардабы молдокелерден укса да жүрөгүнөн кабыл албай кулагынын сыртынан кетип, анча мынча мынча жашыраагын кагып силкип да жиберчү. Андан көрө күнүмдүк турмуш, күндө түрдүү өзгөрүлмө саясаттын артынан түшүп, ошолордон ырахат алчуу. Бул сапар анте албады. Узап бараткан даабатчыларды карап кала берди. Негедир биротоло аң сезимге сугарыылып, муздай тоңгон сезимин – кокустан тийген жылуу нур жибитип жибергендей болгонсуду. Бул жигиттин сөзүндө жан бар окшойт. Мүмкүн баары туурадыр деп аң сезими уйкудан ойгонгонсуп дили агаргандай тейде өзүн сезди.

* * *

Баш агасы Абдил экөө фирманын курулуш иштери менен Каракол шаарында эки үч-күн жүрүп калышты. Кетер күнү «кафеден» тамактанып жатышканда, жергиликтүү ак шляпа кийген адам бирге олтуруп калышты. Бираздан соң:

–Бая эле билгем сарт экениңерди, түштүктөн окшойсуңар - деди. Бир аз мыскылдаган тейде күлүмсүрөп. Абдижалилдин

өңү билинер – билинбес намысынан кызара түштү. Баягы чиренген текебер аксакалга карап:

–Байаке сиз кыргыз экенсиз чамасы. Анда Бакай деп кыргыздар эмнени айтышкан? Ал биразга буйдала түшүп:

–Бакай помоему Манастагы кеңешчи аксакалдын ысымы.

– Туура бирок, Бакай эмне? Аксакалдын жүзү кызарып:

–Билбейт экемин - деди. Ошондо Абдижалил карыяга тике карап:

–Анда байаке, сартардан үйрөнүп алыңыз. Бакай деп кыргыздар жылкынын туягынын чукурундагы ак түктөрдү атаган. Кыргыздар түндүк-түштүккө, уруу-урууга, аймак-аймактарга бөлүнө беребиз. Манас эпосунда айтылган « бөлүнбө кыргыз бөлүнбө, бөлүнүп кетти кыргыз деп, бөтөн элге кеп жетет» Манас баатыр бабабыз да, күйгөнүнөн айткан тура. Манас эпосун окуп терең маңызына түшүнбөйбүз да, сарт-аркалык болуп бөлүнүп, кыргыздардын ортосунан жарака кетерин байкабайбыз. Ошол жарака айрыкча өзүбүзчө мамлекет болгонубуз да түбүбүзгө жетпегей эле деп корком, же сизге баары бирби, кандай ойдосуз?» деп суроолуу карады. Жетимиштен ашкан карыя баштан аяк кырктын кырына чыккан кырчындай жигитке карады да:

–Иним кечирип кой, бөлүнгөндүн баарын жанагы дүйнө-мүлккө тойбогон мансапкорлор чыгарат анык атуул экенсиң. Сендей кыргыздын мекенчилдери көбөйгөн сайын мамлекетибиз чыңдалат. Илгертен эле ата бабаларыбыз сөзгө сынганда айыбын мойнуна алып кечирим сураган. Үйгө жүргүлө, коногум болгула көптү билген көкүрөгү тунук, көрөгөч жигиттер көрүнөсүңөр, чер жаза сүйлөшөлү деди. Баягы аксакалдын жүрөгү жибип, урмат менен карап ага иниге.

«Ырахмат байке, иним ачуурак, катуурак кетип калды кечириң бизди- деди, агасы Абдил карыянын колун кош колдоп кармай. –«Таарыныч жок, чындык баардык жерде жеңет. Иниң жүйөлүү ойлонто, онтото турган ойду айтты. Анда жолуңар



шыдыр, жолдошуңар кыдыр болсун»-деди. Жеңил машине жай жылып жөнөдү.

Абдил арткы олтургучта ойлуу баратты..Иниси Абдижалил он жылдан бери борбордун четки конуштарында жашайт. Чоң курулуш фирмада иштейт. Башчысынын айтуусунда Абдижалил курулушту башкаргандан бери курулуштун иши күн өткөн сайын көбөйүп, мурун чакан менчик үйлөрдү бүтүрүп чектелип калчу.Айрыкча Ысык-Көлдүн бойуна көптөгөн пансианаттар түшүп, ишке берилди. Агасы инисине ичинен ыраазы.

Балалык кездерин эсине түшүрдү. Үй бүлөсүндө бир туугандар арасында шахмат-шашки ойундары бойунча мелдеш болчу. Абдижалил иниси айрыкча эпосторду окуп, жаттачу. Кээде үй бүлөсү менен чогуу олтурушканда Курманбек эпосун обонго салып ырдап жиберчү. Себеби булардын үй бүлөсүндө эң биринчи рухий байлыгын жогору койчу.Ата энесинин кесиби мугалим болгондуктан, тарбия- билим алуу биринчи даражада болчу. Көбүнчө кыргыз элинин залкар күүлөрүн, эски ырларын угуп, аң сезимдери туура нукура кыргыздын ыймандуу тарбиясына көнүшкөн эле.

Эр жеткенде уул-кыздары баары жогорку окуу жайларга өтүшүп, өз сүйгөн кесибине ээ болушту. Абдижалил иниси курулуш инжинери болуп, көптөгөн архитектуралык долбоорлорду даярдап, сунуштап ишке ашырды. Абдил инисине ичинен там берип, таңданып, өтө ыраазы болчу.Көптөгөн иштер мойнуна жүктөлсө да, беш убак намаз парзын өз убагында аткарчу. Эң биринчи инисинин алга койгон максаты, жараткандын парзын аткаруу. Жалган дүйнөдөгү башка пендечилик, тиричилик турмуш ал үчүн кийинки орунда эле. Абдил бизнесмен болгондуктан жараткандын парзын аткарса да, кээде пендечиликти билгизип, ишке алаксып, убагында толук беш убак намазды аткара албай калчу убагы болот. Канчалык далбас урса да, инисиндей ыкласка так баралчу эмес. Ошондуктан бардык күнөөсүн мойнуна алып, инисине таңданып, жаратканга жакындап баратканына суктанчу.

сыймыктанып сабак алчу. Саратандын ысыгында көл бойуна миңдеген сайакатчылар, күнгө төшүн тосуп, кактанган түрдүү канаттуудай, кумдан суурулуп чыгышып, сууга бой таштапшат. Кереметтүү көл өзүнүн терендиги, жылуу мээрими менен күнүмдүк гана жыргалчылыктан башканы ойлобогон кам сүт эмген нашкүр пенделерди батырып, тунук суулары менен алардын турпатын миң кайталап, кайта-кайталап шарпылдап жууй берди.

***

Абдижалилдин үй-бүлөсү Расул досун айылга жөнөтүүгө дайардык көрүштү. Расул кетээрде үйрөнүп калган уясын таштап кете албаган канаттуудай айланчыктады. Досуна, аяшы Анарага өтө ыраазычылык менен карады да:

–Досум, аяшым экөөңөргө өтө милдеттүүмүн. Мындан эки жыл мурун айла түгөнүп, аргасыз баш паанек издеп силерге келгем. Жашоом түгөнүп, турмуштан үмүтүм үзүлөөрдө кайрадан жашого кайтардыңар. Дос, теңтуш эмес жакын бир туугандарым да алыстап кеткен эле. Күнүмдүк кызыкчылыкты ойлогон мага окшогондордун көзүн ачтың, дүйнөгө болгон көз карашын өзгөрттүң. Жараткан кудай бар экенин ишендирип, беш убак намазга жыктың. Карарып бүткөн жүрөгүмдү агарттың, рухума, дилиме жараткандын нурун берүүгө даабат эттиң, ошонун таасиринен мага окшогон терс жолго түшүп калган көр пенденин колунан жетелеп, түз жолго салып койдуң дос»-деп Расулдун көздөрү жашылданып жашып кетти.

-Кайгырба, бардык нерсе жараткандын амири менен болот. Адам дос-тууганга качан башына оор кайгылуу иш түшкөндө, жардам берүү, жакшы жолго буруу бул мусурманчылыктын парзы. Сага дос катары жолдон адаштырган шайтандардын азгырыгына тоскоол болууга арачы болдум. Сен да мээнетими текке кетирбей, айтканыма көнүп, атың өчкүр кесепети ичкиликтен арылдың. Кудайым дилиңе салып, намазга жыгылдың, айылга барганда таштап жибербей ыклас кылып жүр, сенден өтүнүч, суранычь»-деди. Абдижалил жөнөгөнү



сыртка чыккан досун кайрадан бек кучактады. Аялы, кыздары кошо чыгышып, жеңил машинага олтургузушту. Оң жолго бурулуп, шаар ичин аралап узап кетти.

...Абдижалил Расулду эсине түшүрдү. Жазга маал эле. Иштен келсе бирөө сырткы темир дарбазасынын жанында туруптур. Кыйлага тааный албай кайта-кайта үңүлүп карай берди. Башындагы кепкасы түлөгөн, эски тону кирлеп, дактан карарып бүтүптүр. Бутунда чекеси жыртылган сапошка. Саргарган өңү бозоруп, арыктагандан көздөрү чүңүрөйүп, түсү кызыл көк түскө айланып, бир караган адамга аянычтуу көрүнөт.

–Абдижалил, тааныдыңбы, Расул досуң болом. Айла куруганда сени издеп келдим-деди жаш баладай өксүп-өксүп кучактап ыйлап жиберди. Оозунан жагымсыз көңүл айныткан ичкиликтин жагымсыз жыты бур этти. Досунун ушундай аянычтуу абалга түшүп, калганына өкүнүп, үйүнө ээрчитип кирди. Эртеси өзүнүн кийимдерин кийгизип фирмага ээрчитип барды. Расулдун да кесиби куруучу болгондуктан, жакында башталган чоң курулушка кирип иштөөгө фирма башчысын көндүрдү. Расулдун аялы, уул кыздарын ээрчитип, төркүнү тарапта жашап, көп өтпөй Россияга жөнөп кетиптир.

Расул досу ичкиликтен биротоло кутула албады. Баарына Абдижалил досу сабыр кылып, тапкан акчасын өзүнө ылайыктуусун гана берип, калганын аялына бекиттирип койчу. Экинчи жылга өткөндө Расул оңолду. Бригаданы башкарып, көптөгөн жеке менчик үйлөрдү курууга катышты. Абдижалилден беш убак намазды үйрөнүп окуп алды. Абдижалил мусурманчылыктын парздарын аткарып калганына, ичкиликти биротоло таштап жибергенине ыраазы болуп, көңүлү жайланып калды. Намаздан соң Расул досунун колдорун кайра-кайра эки колдоп бекем кыса силкип, «окуган намазыңды жаратканым кабыл кылсын деп көңүлү толкуй берчү.Ал баарынан да, кудайга берилген беш парзды аткарган собоп

иштерди жасаган кайрымдуу адамдарды өтө сыйлап, бир тууганыдай жакшы көрчү.

Расул досунун алгачкы жолу намазга жыгылганы эсинде.Абдижалил ыкластан соң жай намаздын жанында досун ушунчалык боор тартып, сыга–сыга кучактап:

–Расул дос айтпадым беле намазды үйрөнөсүң,мүдөөсүнөн чыгасын дебедим беле, – деп жаш бала таттуу соога алганда сүйүнгөндөй бүткүл руху кубанычтан жарыла тургандай сезилген. Расул досу таң калган. Досунун жаратканга ушунчалык жакындап баратканын сезген. Өзүнүн беш-алты жыл иштебей ичкилик ичип, өткөргөн ар бир күндөрүүнө өкүнүп, өзүн жек көргөн. Досуна миң мертебе ыраазы болуп, кудайдын бар экенине ишенди. Ошондон соң беш убак намазды калтырбай убагында окуп жүрөт. Жараткан нысап берди. Турмушу да оңолду. Кыздарын турмушка узатып, уулун жогорку окуу жайга киргизди. Аялы экөө үй бүлөсүндө таттуу турмуш улады. Жапоодо Абдижалил досундай ыйманга чакырган адамдардын аздыгына өкүнөт: «Жамандын кесепети, жакшынын шарапаты»- деген кыргыздын көөнөрбөс макалын жадында кайталай берет.

***

Кыштын кычыраган чилдесинде арча майрамы башталып, адаттагыдай үйрөнүп калган салт боюнча жаңы-жыл тосуу түрдүү маанайда өттү. Абдижалилге союз урагандан соң, ал үчүн майрам өтмүшдөй сезилчү. Көрсө жаңы-жыл тосуу шылтоосу менен шарап ичип, шапар тепчү кандайдыр башка динден келген, момун мусурмандарды азгыруучу күнүмдүк кызыкчылыкты ойлогондой сезим туулуп, көптөн бери үй бүлөсү менен жупуну тосчу.

Майрамдан соң дүпүйгөн нерсе жүрөгүнө орноп калгандай кыжаалат ой уктатпады. Ушунча аракеттенсе да, ойлору чачырап, намаз окуп жатып эки жолу адашып кетти...

Бабасы Абдыжапар олуя молдо болгон экен. Төкмөлүк да, жазуу түрүндө да түрмөктөгөн ыр саптарын шурудай тизип арап тамгасы менен жазчу дешкен. Анан да түшү жамандык,



жакшылык болоруна аян берчү экен. Айрыкча кайгылуу окуя болоордо түшүндө жаназага турчу. Ойгонуп, багымдат намазды бүткөн соң жүрөгү бир кайгыны сезгендей, тамак көңүлүнө барбай үйүнө кирип-ыга берчү. Ошондон көп өтпөй айылынан же коңшу кыштактан бирөөнүн каза болгонун кабарлашчу. Көңүлүн жибиткен жакшы түштөрдү көрсө, жакындарынын ийгилигине күбө болчу. Ичине жашырып жүрүп, акыры айласы кеткенде агасы Маматка дартын айткан.

–Ажы аке, кээде жакшылык-жамандыкка байланышкан түштөрдү көрөм. Чочулайм, корком, сүйүнөм- деген экен. Ошондо агасы:

–Жапар сопум бул Алла Тааланын чанда гана пендесине берген акыл кудурети. Сенде бар экен үкем. Эч кимге айтпа айрыкча мусурманчылыктан алыстаган каранет адамдар билбесин. Бул жаратканды сыры»-деген. Ошондон соң жаратканга баштагыдан да жакындашууга аракеттенип, түшүнө айат бергенде уктабай, дааратттан кийин таң атканча сажидадан башын көтөрчү эмес.

...Абдижалил бүдөмүк ойун өмүрлүк жары Анарага да, билдирбей, зарыл жумушу бар экенин фирма башчысынан уруксат сурап, ызгаардуу суукта жолго чыкты. Кар калың, түндөп-күндөп тазалаган жолдо тооодой үйүлгөн күрткүлөрдү аралап, машине аз бош болгон жолдордо тыным албай жеңил машинасын тез айдоого аракеттенет.

Жүрөгү опколжуп, ата-энесин, ага-ини, карындаштарына учурашууга ашыгып, узун түндө таңга жакын айылына жетти. Ата- энеси жашаган үйгө келди. Кудайга шүгүр баары аман экен. Бирок атасына катуу сасыктымоо тийип, кыска-кыска жөтөлүп, төшөктө жатыптыр.

Канчалык самап турса да, атасы экөө куптан намазын окуй алышпады. Абдижалил айрыкча атасы менен намаз окуганда, ушунчалык акыйкат жолго салган атасына миңдеген ыраазычылык билдирип, ушундай мусурманчылыкка үндөгөн

атанын уулу болгонуна кудайга шүгүрчүлүк келтирип, жашоосунун ар бир кадамына ыраазы болор эле.

Ысык бөлмөдө атасы экөө көпкө сухбатташып уктай алышпады. Таңкы багымдат намазын атасыз агаинилери менен жамаат окушту. Атасы кайрадан катуу ооруп даарыгерди алып келишти. Бирок Асамидин аксакал байбичесинин, уул-кыздарынын астында каза болду. Абдижалил эмнеге көңүлү алаксып, намаз окуп, саждага башын койгондо адашып кеткени эсине түштү. Алла-таала түшүнө аян бергенин түшүндү. Жаратканын улуулугуна өтө ынанды. Шүгүрчүлүк келтирди. Атасына акыркы жолу келме келтирип, көзүн көрүп калганына кубанды. Канчалык ата-энеге жакын болсоң, ардактасаң, назарынан өтүп , батасын алсаң, жараткан жакшылык-жамандыкта белги берерине ишенди.

* * *

Кыргыздын кылым карыткан салты. Ар ким алына жараша жылдыгын өткөрөт. Абдижалил ага инилери менен эки күн т ынбай кыз матта болгон туугандарга теңтуштарына ыраазы эле. «Атадан алтоо болсоң да, бир жалгыздык башында бар» дегендей Абдижалилдин да ага-ини карындаштары өз тиричилигин өткөрүү үчүн өз үйлөрүнө аттанышты. Борбор шаарга жөнөөрдө апасынын астына кирип:

–Апа, бош боло калганда айылга келсем да, сиз менен беймарал сухбатташа албай кетемин кечириң, бирок ардагерликке чыккандан бери өзүңүз гана беш убак намаз окубай, жамаат уюштуруп, көптөгөн аялдарды саждага жыкканыңызды угуп, өтө кубандым. Ушул максатыңыздан жазбаңыз, Алла ыраазы болсун: - деди. Анан кыйлага үнсүз чөгөлөй олтуруп: -Апа батаңызды бериңиз биз жөнөйлү. Чогуу баары бата кылышкан соң Абдижалил аялын, кыздарын ээрчитип сыртта күтүп турган ага-инилери менен коштошуп, жолго чыкты. Апасы Имакан байбиче уул кыздары кабыл



чыгып, айрыкча небереlеринен баштап, Жаратканга жакындыгына ичинен миң мертебе ыраазы. Бирок ар дайым көз астында жүрбөгөнүнө энелик руху бошоп,ичи ачышып кетет. Уул-кыз атаэне үчүн ар дайым наристе дүйнө тура. Неберелери эр жетип, уул-кыздары орто жашап калса да, дале жаш кезиндей сезилет. Көрсө ата-энеге бала наристе бойдон калат тура түбөлүк.

Абдижалил жолдо баратканда апасын кайра эсине түшүрдү. Бир жылда апасынын ак саргыл жүзүндө бырыш көбөйүп, картайа түшүптүр. Эмнегедир санаадан убайым тарткандай. Атасы жетимиштен араң өтпөдү беле. Өмүрлүк жардан айрылуу карыган чакта өтө оор болоорун жүрөгү менен туйду. «Алган жарың менен теңары, тең кары» - деген бабалардын кудайдан тилеген батанын негизине маани берди. «Биздин бешенебизге бар болуң биздин жакшы күндөрүбүздү кудайым насип кылсын, өмүр берсин» деп, жалбара жаратткандан сурады. Дилинде кайта-кайта шыбырап...

* * *

Адам баласы башына иш түшкөндө, бирөөлөргө зарыкканда, көзү карайлап, көп нерселер ойдон чыгып кетет экен. Адистин уулунун буту ооруп, областык оорукаланардан даба табалбаган соң борборго жолдомо алып, Бишкеке жөнөдү. Абдижалил жаңы конуштарда жашагандыктан уулу экөө ошол жакка барышты. Күн мурунтан уккандыктан агасын, баласын жылуу күтүп алды. Көп өтпөй республикалык дабаканага уулун жайгаштырышка жардамдашты. Май айынын жадыраган жылуу күндөрү. Уулу бара-бара айыгыш баратканына ичинен сүйүнүп, Адистин көңүлү күн өткөн сайын көтөрүлүп, айрыкча иниси Абдижалилдин келини Анардын тынбай камкордук көргөнү, кыздары окууга жөнөөрдө эрте менен –«Аба, Сардар акем таяксыз басып калдыбы?» деп сурашы да дем болчу. Абдижалил ишке жөнөөрдө даярдап койгон тамакты алып, Адисти машинасына олтургузуп, ооруканага таштап койор эле. Кечинде

кайтаарда керектүү азык түлүктөрдү пакетке толтура салып, Сардардын кроватынын жанында кыйлага чейин сүйлөшүп көңүлүн көтөрүп, койчу. Караган даарыгерлер менен да, сүйлөшүп даары-дармеке ашыкчасы менен акча берчү. Бир күнү эрте менен ишке жөнөөрдө Абдижалил экөө сыртта турушкан. Түн бойу жааган күн ачылып, жаандан кийин айлана жашылданып калыптыр. Адис адатынча кыялдана

–Абдижалил карачы аалам тазарып, тоолор көк жашылга жамынып, калыптыр» – деди. Абдижалилдин жүзүнөн сүйүнүчтүн нуру чачырап, кубана жылмайып:

–Мына, сиз, жаратканды жаратылышка берген сүйүүсүнүн күкүмүн көрүп суктандыңыз. Бул жашыл тоолор, талаалар бейиштин астанасы гана болуш керек. Бирок кумдуу чөлдө кырк-элүү градус ысыкта кунарсыз талаада, ичерге тунук суусу жок жерде, жашаган арап мамлекеттери мусурманчылыкты ыйык тутушат. Бизге окшоп бейиштин астанасын көрбөсө да, жараткан кудай бар экенине терең ишенип, акыл менен таанып, беш парзды сөзсүз аткаруу алар үчүн биринчи максат, милдет. Биз пендечиликтин күнүмдүк гөр оокаттын кулуна айланып, мүдөөбүз мансапкорлук, байлык. Жараткан айрыкча кыргыз элин бейиштин чекесинде жашатса да, нашүт пендечилигибизге барып, Жаратканды унутуп калабыз»-деди, агасына суроолуу өкүнүчтүү карап. Адис эч нерсе деп жооп бере албады. Себеби миллиондогон арасат кыргыздардын бири экенин мойнуна алды.

* * *

Күндөр зымырап өтө берет экен. Абдижалил айылына келген сайын Адис агасынын үй-бүлөсүнө атайын келип, учурашып кетчү. Кыштактагы бирге иштеген теңтуштары менен кээде Адис шаарга кошо барып, кафеде узак олтуруп, чер жазып кайтар эле. Ошол күнү да, байагы үлпөттөштөрү менен шаардан келе жатышкан. Айыл тарапка бурууларда жеңил машина чырагын жандырып, белги берип, өтө берип токтоду. Ичинен Абдижалил түштү. Ал баары менен кучак жайып учурашты.



Айрыкча Адис акесинин кызуу экенин байкап ыраңы өкүнүчтөн карара түшүп, көңүлү заматта чөгүп, сабыры суз бир азга турду да:

–Адис аке, жүрүң» деп жолдун четине ээрчитип барды. Анан кыйлага сүйлөй албай:

–Аке, сизди бир тууган агамдай көрүшүмдү билесиз. Бирок бүгүнкүдөй акыбалыңыз жакпады. Пайгамбар жашынан өтүп баратсаңыз да, дале ичкилик ичесиз. Мындай жолдон кайтпасаңыз, сизди канчалык сыйлабайын, өтө жакшы көрбөйүн, алыстап кетем. Бирок бул мен үчүн канчалык оор кайгы болорун, сиздей акемен ажыроо мен үчүн тозок отуна түшүү менен барабардай сезилет. Түшүнүң, терең ойлонуң. Сиз дүйнөнү түрдүү көз караш менен байкаган, ой жүгүртө алган аң-сезимиңиз күчтүү, рухий байлыгыңыз чексиз инсансыз. - деди. Көп турбай машинасына олтуруп, жөнөп кете берди. Жүйөөлүү, калыс, ачуу сөзгө Адис кыйлага дал боло түштү. Үлпөттөштөрү чакырганда селт этип, ортодо токтоп турган жеңил машинага келди:

–Эмне болду, ыраңың кубара түшүптүр, тынчылыкпы»-дешти чогуу ызылдашып:

–Эч нерсе болгон жок» деди, Адис ичинен оор улутунуп.

Адис түндүн бир оокумуна чейин ойдолоктоп уктай албады. Ыйманга толгон жүрөгү ачышкан иниси Абдижалилдин сөздөрү сезиминде кайталана берди. Биз неге сезип билсек да, ушундай пендечиликке барабыз. Деги биз күнүмдүк жыргалчылыктын кулуна айланып калганбызбы. Абдижалил инимдей ыйманга баштаган сергек адамдардын жүрөгүн оорутабыз. Башканы албаганда да мен шайтандын азгырыгынан күнүмдүк көңүл көтөрүүнү гана ойлогон үлпөттөштөрдүн чеңгелинен чыга албай калдымбы. Айрыкча кээде жашыруун, кээде ашкере көңүл жазган тентек кыял агасынын жосунсуз жоругун көргөндө, турпаты куйүп бүттү го Абдижалилдин. Мен сыяктуу карыганын билбегендерге кудайым качан нысап берет. «О

Жараткан, ыйманга келүүгө өзүң гана кадырсың. Мени да туура жолго башта» деп, Адис шыбырап, таң атарда көзү араң илинди.

* * *

Апрель айларында асман боз чалып, ак жамгыр нөшөргө айланып, Ата Мекенибизде каргашалуу окуялар башталды. Президентке анын жан жөөкөрлөрүнө болгон наразы митингтер бара-бара саманга түшкөн чоктой алоолонду. Катуу жааган нөшөрдөн кийинки селдей, күч алып , атылган мылтыктын үнү жаңырып, көпчүлүктүн үнү, добулбастар кагылып, ак үйдүн алдында кан суудай акты. Көптөгөн, айрыкча карапайым элден чыккан жаштардын өмүрү кыйылды. Борбор шаар баш аламандыкка айланып, кароосуз үйдөй ээнсиреди. Калк коркуудан селейип, үйүнөн чыкпай калды, алааматты көрүшүп. Абдижалил да ишке бара албады. Эми гана түтүн булатып өзүнчө мамлекет болгон бир ууч кыргыз эли кырылып кетпесе экен деп, жаратkandан жардам сурап, кайгыдан азап чекти. Ыймансыздыктын айынан падышалардын жан жөкөрлөрүнүн кесепетинен көптөгөн адамдар жаракат алып, жарык дүйнө менен коштошушту.

Көп өтпөй жайдын аптаптуу күнү башталаарда Ош шаарында кайгылуу окуя, өзбек-кыргыз арасындагы чагымчылдык жаңжалдашуу көптөгөн күнөөсүз пенделердин өмүрүнө зыян келтирди.

Абдижалил телефон аркылуу айылдагылар менен сүйлөшүп, ал акыбалды билсе да чыдамы кетти. Түнү бойу уктабай жол жүрүп, таңга жакын жетип келди. Касиеттүү Сулайман тоонун тегереги кан жыттанып, өрттөнгөн шаардагы үйлөрдүн чогу өчө элек болчу. Адамдар шаарда сейрек. Кайгыдан зарланган эл муңайым эле. Ош шаары кайгы-муңга чөмүлүп, кунарсыз көрүндү. Айылына келди, кудайга шүгүр, эли, тууган уруктары аман-эсен экен. Бирок, ыймансыз коомго, башкарган тескөөчү бийлерге миң мертебе наалып, дүйнөсү тарыды. Таза жүрөгүнө таасир этип, жарака кетти. Кыйамат



жакындап келаткандай сезилди. Адамдардын ушунчалык ырайымсыздыгына кайгырды ичинен, рухий жарык дүйнөсү тарыды. Ыймансыз коомду таштап кеткиси келди. Атасынын үйүндө таң атканча Жаратkandан баарына ыйсап канаат, топук сурады. Кайрадан кайгылуу жол алды. Канчалык аракеттенсе да, кайгы –муңга чөмүлгөн жүрөгүн басаңдата албады. Себеби анын тунук, ыймандуулукка сугарылган жүрөгү мындайды көтөрө албады.

* * *

Абдижалил капыстан катуу ооруп калды. Бирок ал эң чоң агасы Абдилге гана айтты. Ал убакытты текке кетирбей Россиядагы чоң ооруканада иштеп жүргөн иниси Дамир менен байланышып, Абджалилди Россияга учурду.

Эки күндүк текшерүүнүн натыйжасы өтө начар белгилерди берди. Жаңы аппараттар анын сейрек кездешүүчү, дабасы жок дарт экенин аныкташты. Иниси ошондо арыктай түшкөн, өңү керсары тарткан, агасынын аянычтуу жүзүнө тике карай албады. Бушаймандык жүрөгүн эзип, ичинен буулугуп араң:

–Абдижалил аке, бүгүн кайрадан самолёт менен жөнөйсүз. Бишкекте дарылоону улантасыз мейлиби –деди. Дамирдин ак-саргыл жүзү муңайып каргылдана сүйлөдү.

–Мейлиң үкам, силердин ооруканаңарда даарыланайын деген элем. Сабыры суз үмүтсүздүктөн арылчудай үн катты. Жөнөөрүндө, Дамир Абдил агасына телефон чалып, күтүп алуусун айтты. Үнү каргылданып, сүйлөй албай карегине толгон жаш жүзүнөн ылдый акты. Учак абага көтөрүлүп сиңип көрүнбөй калганча сабыры суз узатып кала берди. Агасынын аянычтуу жүзү улам көз алдына тартыла берди. Бүгүн дарыгерлик турмушунда эң өкүнүчтүү күн болду. Абдижалил агасынын өмүрү ашып барса бир күн, болбосо сааттарга гана эсептелип калган болчу. Сибирдин ызгаар суугунда калтырап сыртта жүргөндөй болсо да, аялына чындыкты айта албай, тартынып, узун түндү уйкусуз өткөрдү. Эртеси үй бүлөсүн

ээрчитип, Кыргызстанга жол алды. Самолет тездик менен учуп баратса да, токтоп тургандай Дамирге сезилди. Ызаа жүрөгүн кысып, кечээ эле муңайа коштошкон агасын эстеди. Чиркин дүйнө ушул экен, кучакташа коштошоордо:

–Иним бир күн тынбай түрдүү апараттарга текшерттирдиң. Бирге иштеген врачтарың да, тыным алышпады. Аларга да ыраазычылыгымды жеткирип кой, – деп көңүлдүү сүйлөгөн. Анан кара-тору жүзү нурданып, бөлөк ааламга бараткан адам жашоосуна наарызы болбой акыры ирет сапардан кайтпачудай сезилген инисине. Дарыгер катары билип туруп, түбөлүк жашоого узатпадыбы. Куда шыпаа бербесе, врачтар да алсыз экенин сезди. Карегине толгон ачуу жашын жанында олтурган жубайына билгизбей колу менен сүртүп койду. Элеси кайра көз алдына тартылды:

–Сага өтө ыраазы болдум, үкам. Врачтык ишиң тынымсыз болсо да, беш убак намазды өз убагында окуйт экенсиң – деди, жылмайып. Ошондо Дамир өксүп-өксүп ыйлагысы келген. Агасынын саналуу өмүрү калса да, ыклас кылган инисине ыраазы болгонун, бирок өмүрүнүн акыркы сааттарында жашап жатканын жүрөгү туйса да, өзү жөнүндө ойлобогонуна, баары Жаратканга байланыш болгонун түшүнүп, өлүм астанасын аттаарда сажида кылган инисине курсант экенин билип, өзөгү өрттөнүп өлүмдү да жоомарттык менен тоскон агасына там берди. Мындай пенделер чанда кездешет. Ушундай агасынан айрылып калганына бакырып ыйлап жибере жаздап, өзүн араң кармады.

* * *

Сулайман пайгамбар куптан намаздан соң, апасына учурашканы келди. Эне жүрөгү тынчсыздангандай уулуна мээримин төгүп, наристе кезиндей айап карап:

–Уулум, бей маалда алдыма келбейт элең эмнегедир кабатырдай көрүнөсүң?



–Ооба, касиеттүү ыйык энем. Сиз менен коштошкону келдим. Сапарга баратам. Менден ыраазы болуң. Ак батаңызды берип, уулуңузду узатың.

–Кайда барасың?

–Эне, эч ким билбесин, менин жашоо күнүм бүтүптүр, Жаратканды алдына барам. Мага ак жол тилең. Алла буйруса кыяматта жолугарбыз. Сулайман пайгамбар акыркы жолу ак сүт берген энесине ыраазы болуп карады. Эне кургур үнсүз жашын төгүп, жаш кеткен уулун узатты.

* * *

«Апа, аке, өмүрлүк жарым, менден ыраазы болгула. Апа, көп кайгырбаң, менин тагдырыма ушул өмүр жашты атаа кылган экен. Анар, кыздарыбыз ашыкча ызычуу салбасын мен өткөн соң. Уулум болсо али жаш, оорумдун өтө орчундуу экенин баарыңар билесиңер. Бул жараткандын маңдайга жазганы. Абдил аке, башчыбыз сизсиз, бардык тууган-уруктарга түшүндүрүң, ашыкча кайгыга чөмүлбөгүлө, – деп келме келтирди, ичинен улам акырындап угула берди. Абдижалил кыштын узак, ызгаардуу түнүндө жалган дүйнө менен кош айтышты.

* * *

Ариптин тагасы Адис телефондон мукактана дудаланып, Абджалил каарынын (туугандары анын Курани Кааримдин бөлүктөрүн жаттап, кыраату менен окугандыктан Жалил каары дешчү) ааламдан өткөнүн кабарлады. Бүткөн бойу кайгылуу кабардан калтырады. Кыштын кычыраган ырайымсыз суугунда сыртка чыгып, кире берди. Чакан бөлмөдө адатынча карылыктан буту ооруп, олтуруп алып намаз окуган апасына суук кабарды угуза албай карегине толо түшкөн жашы куйулуп сүйлөй алалбай, тамагы ачышты.

–Садага кетейин инимин баласы Абдижалилдин мусулманчылыкка өтө берилгенин кудай таалага жакындаганын көрүп өтө ыраазы болдум. Атам, Муса каары–мураттап өткөндөн бери

биздин уруктардан атамын жолун уланткан урпак калбадыбы деп өкүнүп жүрдүм эле. Өчкөн үмүтүм жанбадыбы. Үзүлгөн ак жип уланбадыбы. Өткөндө Абдижалил апасы экөө учурашканы келип, узак олтуруп, сөздүн негизи мусурманчылык жөнүндө болгон. Үзүлгөн учук уланды» – деп, өтө сүйүнгөн апасы. Эми ошол иниңиздин уулу ааламдан өтүптүр деп кантип айтам. Кандай кабыл алат карыган чакта деп ойго баткан Арипбай аялына араң угузду. Көп убакыт өтпөй кабар айылга тарады.

* * *

Өмүрлүк жары Анар оор жоготууну ичинен сыздап, көз жашын төксө да, Абдижалил экөө өткөргөн жыйырма жылдан ашуун жашоо турмушунда, кандайдыр бир көңүл оорутарлык сөз укканын, эсине тута албады. Катар-катар кыз төрөп, өзүнчө уулду эңсеп, өзү теңдүү курдаштарын көргөндө ичинен өксүп, билдирбей улутунуп алчу. Бирок Абдижалил бир жолу да «Сен кыз эле төрөп бересиңби, уулу жок өтөбүзбү, жаштык зуулдап өтүп баратат, деген ички арман оюн айтпады. Кайра кыздарын жүрөгүнөн жакшы көрүп, кыз балдарга тиешелүү көптөгөн адептикке үндөгөн насааттарды айтчу. Хадистеги аял затына, кыз балага зарыл болгон нуска сөздөрдү сүйлөп, жакшы окуган кыздарынын чоңойгон сайын, ата-энеге жакындап баратканына ыраазы болчу. Айрыкча матетматика сабактарына шыктуулугун байкап, келечекте ыймандуу илим-билимдүү болуш үчүн шыгына жараша окуу жайга көрсөтмө берсе кыздары да, өз күчү менен жогорку окуу жайга киришти. «Сабырдын түбү сары алтын» - дегендей Жараткан экөөнүн тилегин берип, эң кенжеси уул болду. Ошондо Кудай-Таалага ыраазы болушуп, Анар саждага башын койгон сайын суранганын бергенине миң мертебе ыраазы болду. Айрылуу канчалык азап болсо да, бешенеге жазганы болот экен. Эки жашар уулун өтө жакшы көрчү. Иштен чарчап келсе да жанынан алыс чыкчу эмес, Абдижалил. Дүйнө ар дайым түгөл боло бербейт тура. «Бири



кем дүйнө деген ушу экен: Тагдырга баш ийүү адамзаттын парзы экен»- деди. Анар ичинен.

* * *

Адис Бишкекте уулу Сардардын буту ооруп, шыпааканада жатканда, Абдижалил инисинин үйүндө жашап жүрдү. Убакыттын көбүн уулунун жанына барып же ошол республикалык оорукананын чекесинде уулун дарылаган врачтарга жолугуп турчу.

Ошондо мечитке барып беш убак намаз окуйт. Намаз бүткөндө эң орчундуу эки нерсени Жараткандан көзүнө жаш алып, (Адис ар дайым кудайдан тилегенде карегине жаш толо түшкөнүн өзү да сезбей калчу) уулу Сардардын буту сакайып, баштагыдай басып кетсе экен, өмүрү узун болсо экен, үй-бүлөм, эли журтум тынч аман болсун деп тилесе, экинчиси иниси Абдижалилга, анын өмүрлүк жубайы Анарага өтө ыраазы болуп, уулу жок болгондуктан «О, жараткан Алла-таала, өзүңө оңой, ушул иним менен келинимди мустар кылбай уул бер» - деп дуба кылчу. Жаратқандын керемети кең экен, эки жылдан соң уулдуу болушту. Өтө сүйүндү Адис агасы угуп, телефон аркылуу экөөнү куттуктады.

Адис көп ойлонот. Жаратқандан уул бер Абдижалил иниме деп, сурандым эле. Эмне үчүн өмүрү узун болсун, көп жашасын» деген тилекти ойуман чыгарып жибердим экен. Биз кам сүт эмген пендебиз, баарын кеч түшүнөбүз, өкүнөбүз. Бирок баары жараткандын жазганындай болот экен. Абдижалилдин ыйманга толгон таза жүрөгү, башка бөтөн түбөлүктүү ааламга кетсе да, көз ирмемдик өмүрү, ыймандуулукка түшкөн ар бир пендени гана эмес, олку солку коомго да сабак болуп кала берет.

## Окурмандардын ой-пикирлери



## МАЗМУНУ:


Атанын буйругу балага парз (повесть) ........................................3

Карабайдын алтыны (аңгеме) ........................................31

Новеллалар

Соңку тилек ........................................46

Тегирменге барганда........................................48

Сыр кеседеги гүл ........................................52

Өмүр тамчысы ........................................56

Коогалуу түн........................................59

Жер эненин каргышы........................................61

Бир шингил жүзүм ........................................64

Кечиккен жолугушуу ........................................70

Ыймандуулуктун көз ирмем

өмүрү (даректүү көркөм баян) ........................................72

АМАНГЕЛДИ АБДЫВАПОВ


# АТАНЫН БУЙРУГУ БАЛАГА ПАРЗ

Ибрагим алайхиссаламдын уулу
Ысмайыл алайхиссаламды курмандыкка чалышы.

Редактору: Камалов Абдимитал.
Корректору: Култаев Арапбай.
Сүрөтчүсү: Жороев Жакып.
Техн. Редактору: Түгөлбаев Урмат.
Компютерге түшүргөн: Нышанов Жанарбек

Терүүгө 15.04.2013-ж. Басууга 26.06.2013-ж. кол коюлду.
Офсеттик ыкма менен басылды. Кагаздын форматы 60x84 $^{1}/_{16}$.
Көлөмү 5,75 б.т. Нускасы 300.

«Кагаз ресурстары» басмаканасы
Ош шаары, А. Мамыров көчөсү, 86-г
Тел.: (03222) 4-69-16



**Автор жөнүндө**

*Амангелди Абдывапов*
*Кара-Суу районундагы Жоош айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө төрөлгөн.*
*Көп жыл мугалимдик кесипти аркалап, учурда ардагерликке чыгып, чыгармачылыгын улантууда.*
*1997-жылдан бери Кыргызстан улуттук жазуучулар бирлигинин мүчөсү. Байбичеси Орунбаева Батма мед айымдык кесипти аркалоодо.*
*Алты уул-кыздын атасы, ондон ашуун уул-кыздардын чоң ата, таятасы.*

Прозалык жыйнактары

| | |
|---|---|
| “Күн бетинде жүргөн жоокер” | 1993-жыл |
| “Акыркы мечит” | 1996-жыл |
| “Мухит тамчыдан жаралат” | 1998-жыл |
| “Өмүрдөгү іздер” | 2000-жыл |
| “Бабаларым баяны “ | 2004-жыл |
| “Камай баатыр баяны” | 2008-жыл |
| “Айкөл инсан эле” | 2009-жыл |